# АЛЛАХ СҮЙҮҮСҮ
# ALLAH SEVGİSİ

**ХАРУН ЯХЬЯ**
**(АДНАН ОКТАР)**
**HARUN YAHYA**
**(ADNAN OKTAR)**

**Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı "Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.**

**1. Baskı:Şubat 2003**
**2. Baskı:Ağustos 2005**
**3. Baskı:Ekim 2005**

**ARAŞTIRMA YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İşmerkezi
A. Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Seçil Ofset
100 Yıl Mahallesi MAS-SİT Matbaacılar Sitesi
4. Cadde No: 77 Bağcılar-İstanbul
Tel: (0 212) 629 06 15

w w w . h a r u n y a h y a . o r g - w w w . h a r u n y a h y a . n e t

# МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ

АЛЛАХ СҮЙҮҮСҮ

АЛЛАХ СҮЙҮҮСҮ МЕНЕН АЛЛАХ КОРКУУСУ
БИРГЕ БОЛУШУ ЗАРЫЛ

АЛЛАХТЫ СҮЙГӨН ПАЙГАМБАРЛАРДЫ ЖАНА МОМУНДАРДЫ ДА СҮЙӨТ

ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗДЫН МОМУНДАР
АРАСЫНДАГЫ СҮЙҮҮНҮ КОЛДОГОН СӨЗДӨРҮ

АЛЛАХ ЫРААЗЫЧЫЛЫГЫ ҮЧҮН СҮЙҮҮ

КУРАН АХЛАГЫНДА СҮЙҮҮ

ЖЫЙЫНТЫК

ЭВОЛЮЦИЯ ТЕОРИЯСЫНЫН ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат,

себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч калуу мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу боюнча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# КИРИШ СӨЗ

Сүйүү – бул Аллах адамдарга берген эң чоң немат-жакшылыктардын бири. Ар бир адам өмүр бойу абдан жакшы көргөн, ишенген, өзүнө жакын сезген адамдар менен бирге болууну каалайт. Аллах берген немат-жакшылыктардын көпчүлүгү чыныгы сүйүү жана достукка толгон чөйрөдө чындап маанилүү болот. Мисалы, абдан кооз бир жерди көрүп, андан ырахат алган бир адам ал толкундануусун сүйгөн бир адамы менен бөлүшкүсү келет. Ошол сыяктуу эң сонун жайылган дасторкон же эң кооз, заңкайган үй да жалгыз башына отурган адам үчүн жагымдуу болбошу мүмкүн. Себеби, Аллах адамдын табиятын сүйүүдөн жана сүйүлүүдөн ырахат ала турган, достукту жана боордоштукту жактыра турган абалда жараткан. Куран ахлагын жашаган адамдар менен бирге болуу, алар менен достукту жана сүйүүнү жашоо болсо ыйман келтирген бир адамга көптөгөн нематтардан бир топ жогору ырахат тартуулайт.

Ушул себептен Аллах сүйгөн жана ыраазы болгон кулдарына убада кылган бейиш – чыныгы сүйүү, достук жана боордоштук түбөлүккө өкүм сүрө турган, абдан кооз мекен. Аллах Куранда бейиш жашоосу жөнүндөгү билдирген кабарларда дайыма кубаныч, достук, сүйүү, махабат, сонун сөз жана бейпилдик айтылат. Сүйүү жана достукка тоскоол боло турган бүт нерселер бейиштеги адамдардан алыс болот. Мисалы, Аллах бир аятында бейишке кире турган момундардын жүрөгүнөн кыжырдын бүтүндөй алынып салынганы билдирилген (Араф Сүрөсү, 43). Кызганычтык, душмандык, атаандашуу, кыжырдануу, таарынуу, көңүл ооруу сыяктуу сүйүү жана достукка тоскоолдук кылган бардык жаман сапаттар бейиштин сыртында калат.

Бейиште жашай турган Мусулмандардын маанилүү сапаттарынын бири – бул алардын бул жашоодо да бардык пайгамбарларды, Аллахка ыйман келтирген, жакшы амалдарды кылган салих адамдарды жана мурда жашап өткөн бардык Мусулмандарды абдан сүйүшү. Ыйман келтиргендер Аллахтын ыраазычылыгына жетүү үчүн аракет кылган бардык салих момундарга өзүн жакын сезет, аларды өзүнүн бир досу катары карайт. Ар кандай шартта алар менен бирге болуудан чоң ырахат алышат; бардык Мусулмандарга карата бекем, туруктуу достук сезимине ээ. Аллах момундардын жүрөктөрүндөгү ыймандарына, Аллах коркуусуна негизделген мындай сонун сүйүүгө жана Раббибизге болгон чын жүрөктөн моюн сунуучулугуна сыйлык катары аларга сүйүүнүн жана бекемдиктин эң сонун мекени болгон бейишти берет.

Момундардын жүрөгүндөгү сүйүүнүн чыныгы булагы болсо – бул алардын Аллахка болгон терең сүйүүлөрү. Момундар Аллахты абдан сүйүшөт жана жашоолору боюнча дайыма Аллахтын сүйүүсүнө жана ыраазычылыгына жетүү үчүн болгон аракети менен аракет кылышат.

Аллах бардык адамдарды жоктон жараткан. Адам эч нерсе эмес кезинде Аллахтын мээрими менен бир жанга ээ болгон. Кулдарын бул дүйнөдө баккан, ар кандай тамактар, мөмө-жемиштер сунган, миң бир түрдүү гүлдөр, сүйкүмдүү жаныбарлар менен бизге ырахат тартуулай турган кооз табияттар жараткан, күндөн сууга, абадан витаминдерге чейин биз муктаж болгон бүт нерселерди кемчиликсиз кылып жараткан, космос мейкиндигинде миңдеген киллометр ылдамдык менен сүзүп жүргөн жер планетасын дайыма бейпилдикте кармап турган – бул Рахман, Рахим жана чексиз мээримдүү Раббибиз. Аллахтын ага берген немат-жакшылыктарын, Анын бүт нерсеге күчү жетээрин жана бүт ааламдардын

жалгыз өкүмдары экендигин, бүт нерсени эң сонун жана жакшылыктар менен жаратканын ойлонгон ар бир момундун Аллахка болгон сүйүүсү мындан да күчөйт. Аллахты сүйгөн жана Аллахтан корккон бир адам Ал койгон чектерди чын көңүлдөн сактайт (арамдардан сактанат); Аллахтын ар бир буйругун кемчиликсиз аткаруу үчүн абдан аракет кылат, Аллахтын ыраазычылыгына, сүйүүсүнө, рахматына жана бейишине жетүү үчүн жашоосу боюнча болгон аракетин жумшайт.

Аллахты абдан сүйгөн, Аллахтан корккон, Анын ал адамдан ыраазы болушу үчүн чын көңүлдөн аракет кылган ар бир момун – дүйнөгө сулуулук алып келген жакшы адамдардан болот. Аллахты сүйгөн адам Аллах жараткан жандыктарды да сүйөт, аларга боор ооруп, мээримдүүлүк көрсөтөт, аларды коргогусу, аларга жакшылык жана сулуулук тартуулагысы келет. Дүйнөнүн эң жакшы, эң жогорку адеп-ахлактуу адамдарынан болгон Аллахтын элчилери (пайгамбарлар) да адамдарды сүйүүгө жана боордоштукка чакырган.

Аллах ыйман келтирип, салих (Аллахтын ыраазычылыгы үчүн чын көңүлдөн) амалдарды жасаган кулдарына мындай сүйүнчү айтат:

**Айт: «Мен бул үчүн силерден жакындарыңарга сүйүүңөрдөн башка эч кандай акы сурабаймын.» Ким бир жакшылык кылса, Биз андагы жакшылыкты көбөйтөбүз. Чындыгында, Аллах – кечиримдүү, шүгүр кылганга акысын берүүчү. (Шура Сүрөсү, 23)**

Адамдардын кээ бирлери Куран ахлагын билишпегендиктен, Аллахты зарыл деңгээлде таанып, Анын улуулугун аңдап-түшүнө албагандыктан сүйүүдөн жана достуктан алыста калып, жашоолорун азап ичинде өткөрүшүүдө. Мындай адамдар арасында эң мактанаарлыктай көрүнгөн жашоону жашагандар да чындыгында чыныгы бакытты жана бейпилдикти таба алышпоодо. Ыймандан алыс жашаган бул адамдар үчүн сүйүүсүз, доссуз жана жалгыз жашаган жашоонун эч бир мүнөтү ырахаттуу жана сонун эмес. Сүйүүсүз жашоону Аллах ыйман келтирбегендерге бул дүйнөдө жана акыретте жакшылыкты сезип шүгүр кылбагандыгы жана ыйман келтирбегендигине бир жооп (жаза) катары берүүдө. Бул адамдар чыныгы мааниде сүйө алышпайт жана сүйүлүшпөйт. Аллахка шерик кошуу менен жашаган сүйүү болсо чыныгы сүйүү эмес жана аларга дайыма пессимисттик, бактысыздык жана азап алып келет.

Аллах Куранда билдиргендей, жалгыздык жана досу жок калуу тозокко тиешелүү бир өзгөчөлүк:

**Себеби, ал улуу Аллахка ыйман келтирген эмес. Кедейге тамак берүүгө чакырбайт эле. Ошондуктан, бүгүн ага эч кандай жакын дос жок. (Хакка Сүрөсү, 33-35)**

Бул китептин максаты – ыйман келтиргендерге чексиз мээримдүү Раббибизге, Аллах жараткан жандыктарга жана момундарга болгон сүйүүнүн маанисин эске салуу, Аллахтан баш тартуучуларга тиешелүү өзгөчөлүк болгон сүйүүсүздүктүн бир адам үчүн канчалык чоң балээ жана азап экенин көрсөтүү. Ар бир момун мындай абалга түшүп калуудан качынышы, бейиш сүйүүсүн бул дүйнөдө эле жашап башташы, жалгыз дос жана Вели болгон Раббибизге жана момундарга сүйүү, бекем достук менен жакын болуулары зарыл.

# АЛЛАХ СҮЙҮҮСҮ

Адам ага кичинекей бир даам таттырган же жакшылык кылган бир адамга да мындай сонун мамилеси үчүн ыраазычылыгын ошол замат билдиргиси келет. Мисалы, аны үйүндө конок кылган, дасторкон жайган бирөөгө жүрөгүнөн ыраазычылык сезет; өзгөчө үй ээси абдан ак көңүл болсо жана ал адамдын бардык муктаждыктарын айттырбастан сезип аларды кемчиликсиз канааттандырган болсо... Ушул сыяктуу, оор бир оорусу бар бир адам доктору аны айыктырганда, кантип ыраазычылык билдирээрин билбей калат. Же болбосо, бир адам жолдон өтүп баратканда, аны бир машина коюп кетүүсүнөн сактап калган бир адамга өмүрү үчүн карыз экенин айтат, ал адамга ыраазычылык билдирип, белек берүү үчүн колунан келген бүт нерсени аткарат.

Оорулуу жана муктаж абалда болгон бир адам аны караган, анын муктаждыктарын канааттандырган адамга ыраазы болуп, ага абдан жакшы мамиле кылат, аны урматтап, жакшы көрөт, кылган ар бир жакшылыгы үчүн тынымсыз рахмат айтат. Ал адамды эч капа кылгысы келбейт. Ар бир адам ага сюрприздер даярдаган, сулуулуктар тартуулаган, жакшылык кылган адамдарды абдан жакшы көрөт, аларга урмат көрсөтөт жана дайым көңүл бурууга аракет кылат.

Бирок кээ бир адамдар унуткан абдан маанилүү бир чындык бар: бир адамды сүйүндүргөн, ага маани берген, сонун ырыскыларды берген, нематтар сунган, ал жактырган табият көрүнүштөрүн жараткан, ар күнү эрте менен ойгонгондо, ага жашоосун кайрадан тартуулаган, аны коркунучтардан коргогон, ооруганда ага шыпаа берген, дарыларды себеп кылып оорусун жана кыйналганын токтоткон, жандуу жана жансыз бүт нерселердин ээси болгон Аллах. Ошондуктан, адамдар ээ болгон немат-жакшылыктар жана жолуккан сонун нерселер үчүн сүйүүсүн, урматын, карыздарлык сезимин, бекемдигин жана ыраазычылыгын Аллахка багытташы зарыл. Бир адамга жардамы үчүн рахмат айтууда ал адамга бул жардамды илхам кылып, мээримин жеткиргендин Раббибиз экендигин эч качан унутпашы зарыл. Аллах бир аятта мындайча билдирет:

**Чындыгында, асмандардын жана жердин мүлкү Аллахка тиешелүү, (Ал) тирилтет жана өлтүрөт. Силердин Аллахтан башка велиңер (досуңар) жана жардамчыңар жок. (Тообо Сүрөсү, 116)**

Куранда Аз. Ибрахимдин Аллахка болгон дубасында Раббибиздин адамдарга болгон бул мээрими мындайча билдирилет:

**«Мени жараткан жана мага хидаят (туура жол) берген – Ал (Аллах); мени тамактандырган жана ичирген – Ал; ооруганда мага шыпаа берген – Ал; мени өлтүрө турган, кийин тирилте турган да – Ал, дин (жаза) күнү каталарымды кечирээрин үмүт кылганым да – Ал.» (Шуара Сүрөсү, 78-82)**

## Адамга ал ээ болгон бардык сонун нерселерди тартуулаган – Аллах

Аллах ар бир адамга жок кезинде жан берип жараткан жана бул дүйнөнү ал үчүн эң сонун жана эң ыңгайлуу абалда пайда кылган. Мисалы, дүйнөнүн бүт жеринде адамдар кыйналбастан дем ала алышат. Аллах мээрими менен атмосферадагы газдардын катышын адамдар үчүн эң ыңгайлуу катышта кылган жана жараткан. Көп адамдар абасыз бир бөлмөдө дем алуунун канчалык оор экенин билет. Аба азайган сайын адамдын кыйналуусу да күчөйт. Биз кыйналып дем ала турган бир дүйнөдө да жашап калышыбыз мүмкүн эле. Бирок ичибизге алган аба Аллахтын мээрими жана каалоосу менен эч качан бизге кыйынчылык бербейт, тескерисинче бизди жеңилдетет, ырахат тартуулайт.

Аллах жер жүзүнүн бүт жерлеринде ар кандай жашылча-жемиштер, мөмө-чөмөлөр, дан азыктары жана өсүмдүктөр жараткан. Эгер Аллах каалаганда, дүйнөдө бир түрдүү гана тамак болмок жана бул тамактын даамы да бизге эч ырахат тартуулабай турган абалда болушу мүмкүн эле. Жана биз жашаш үчүн гана бул тамакты жегенге мажбур болмокпуз. Бул тамактан башка жерден башка бир нерсе өстүрүү мүмкүнчүлүгүбүз болбойт эле. Бирок, Аллах чексиз мээрими жана боорукердиги менен адамдар үчүн ар түрдүү жашылча, мөмөлөрдү жараткан. Болгондо да булардын ар биринин даамы бири-биринен өзгөчө жана сонун. Адам жашаш үчүн тамак жешке мажбур, бирок Аллахтын мээрими менен ошол эле учурда бардык тамактардын, азыктардын сонун даамынан чоң ырахат алат.

Аллах жараткан жаныбарларда да адамдар үчүн ар түрдүү сонун нерселер бар. Мисалы, ат, төө, ит сыяктуу үй жандыктары адамдарга жардамчы болсо, канаттуу, мышык сыяктуу үй жандыктары сүйкүмдүү өзгөчөлүктөргө ээ. Аллах кичинекей бир тоту кушта да адамдын көңүлүнө абдан жага турган өзгөчөлүк жаратат. Кичинекей тамагынан адам сыяктуу үн чыгарып сүйлөй алган, көк, сары, жашыл түстөрдүн ар кандай өңдөрүнүн аралашмасынан болуп абдан кооз көрүнүшкө ээ болгон жана сүйүлүүнү жактырган бул кичинекей жандыктар Аллах адамдар үчүн жараткан бир кубаныч жана ырахат булагы.

Биз дем алган абадан баштап жер бетине жааган жамгырга чейин, топуракта өскөн түшүмдөрдөн жер астындагы кен байлыктарга, көңүлүбүзгө жаккан жаныбарлардан негизги жашоо булагы болгон сууга чейинки табияттагы бүт нерселер биздин эч кандай аракетибизсиз бизге келүүдө. Адам жашоодо калышы жана жашоосун улантышы үчүн ааламда тынымсыз абдан тыкан процесстер ишке ашып турат, абдан назик тең салмактуулуктар тынымсыз корголуп турат.

Адамдан башка жандыктар өздөрү ээ болгон өзгөчөлүктөрүн байкашпайт. Бир коён канчалык сүйкүмдүү экенин сезбестен жашайт. Көпөлөк канаттарындагы симметрияны, оймолорду жана чеберчиликти аңдап-байкай албайт. Павлинди ал ээ болгон түстөр, оймолор жана симметрия абдан кооз көрсөтөт. Бирок ал эмне үчүн бар экенин да биле албаган жана кооздуктарга суктана ала турган мүмкүнчүлүгү болбогон бир жандык. Куйругундагы түстөр жана оймолор менен дүйнөнүн эң кооз көрүнүштөрүнүн бирин көрсөткөн бул жандык адамдардын Аллахка шүгүр келтириши жана Аллахтын жаратуу күчүн көрүп байкай алышы үчүн жаратылган нематтардын бирөөсү гана.

Аллах бардык бул жандуулардагы сонун көрүнүштөрдү адамдарга бир немат катары сунууда. Ошондуктан, адамдын жандуулардагы кооздуктарды, симметрияны жана көркөм түстөрдү көрүп,

байкап Аллахтын кудуретине абдан суктана алышы жана бардык бул кооздуктардын Жаратуучусу болгон Раббибизге эң сонун негизде шүгүр кылышы зарыл.

Аллах Таала жер бетинде жараткан кооздуктарды санап бүтүүгө болбойт. Мисалы, бир гүлдүн көрүнүшүндө кемчиликсиз кооздук бар. Жалбырактары абдан тыкан жана симметриялуу тизилип турат. Жалбырактардын үстү болсо абдан сапаттуу бир кездеме сыяктуу бархаттай жумшактыкта. Табияттын эң сонун жана эң жандуу түстөрүнөн пайда болгон. Ылай жана капкара топуракта өскөнүнө карабастан, түстөрүндө бир кирди же ылайды көрүүгө болбойт. Жыты болсо дүйнөнүн эң алдыңкы технологиялары колдонулса да теңдеши табыла албаган өзгөчөлүккө ээ. Сапаттуу бир атырдын да убакыттын өтүшү менен жыты бузула баштайт, гүл болсо дайыма бирдей аңкыган жыт чачып адамга ырахат тартуулайт. Бирок гүл да бул өзгөчөлүктөрүн байкабайт. Башка өсүмдүк жана жаныбарлар да гүлдүн мындай сонундугунан ырахат ала турган болуп жаратылган эмес. Бардык бул өзгөчөлүктөрү менен гүл адам үчүн чоң бир немат-жакшылык катары жаратылган.

Жер бетиндеги ар бир кооздук – бул Раббибиздин бир нематы жана Анын чексиз сулуулугунун бир көрүнүшү. Ошондуктан, абийирдүү (ак пейилдүү) жана ой жүгүрткөн ар бир адам бардык бул кооздуктардын чыныгы ээси болгон Аллахка абдан берилүү жана сүйүү менен жакындайт. Аллах бардык жараткан нерселеринде адамдар үчүн ойлонуп сабак ала турган далилдер бар экенин билдирүүдө:

**Жерде силер үчүн жаратып-көбөйткөн ар кандай түстөрдөгүлөрдү да (пайдаланууңарга берди). Шексиз мында сабак алып ойлонгон бир коом үчүн аяттар бар. (Нахл Сүрөсү, 13)**

Бул жерге чейин саналгандар – адамдарга берилген нематтардын кичинекей бир бөлүгү гана. Мындан тышкары, жашообуздун уланышы үчүн сансыз нерселердин, процесстердин бирге болушу зарыл. Негизи жогоруда берилген мисалдардын бирин эле ойлонуу Аллахтын адамдарга мээримин түшүнө алышыбыз үчүн жетиштүү. Аллахтын берешендиги менен акылга жана салыштырып пикир, жыйынтык чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон адамдар бул мүмкүнчүлүктөрүн Аллахты таануу жана натыйжада Аны абдан сүйүү үчүн колдонушу зарыл. Себеби акылын жана абийирин колдонуу менен айланасындагы уланып турган кемчиликсиз тең салмактуулуктарды аңдап-түшүнө алган адамдар үчүн бүт аалам Аллахка болгон сүйүүлөрүн көбөйтө турган себептерге толо. Буларды терең ойлонгон бир адам талап кылынган деңгээлде Аллахтын кудуретин түшүнүп, Аны сүйө алат.

Аллах Курандын көптөгөн аятында адамдарга аларга берилген нематтар жөнүндө ойлонууларын билдирген жана бул нематтардын кээ бирлерин адамдарга эскерткен. Бул аяттардын кээ бирлеринде мындайча буйурулат:

**Ал инсанды бир тамчы суудан жаратты эле, капысынан анык душман болуп чыга келди. Ал айбанаттарды жаратты. Аларда силер үчүн (көп) пайдалар, жылуулуктар бар. Силер алардын этинен да жейсиңер. (Малыңар жайлоого) жайылганда жана (кечинде) кайтканда да силер үчүн кооздук бар. (Айбандар) силердин жүгүңөрдү, зор машакат менен гана жете ала турган шаарларга ташып берет. Чынында Раббиңер силерге Ырайымдуу, Мээримдүү. Ал силердин минишиңер үчүн жана кооздук-сулуулук (болгон) аттарды, качырларды жана эшектерди (жаратты). Жана силер**

**билбеген нерселерди да жаратат... Ал силерге асмандан суу түшүрөт. Ичер сууңар да ошондон, дарак да ошондон. Жана андан (жаныбарларды) сугарасыңар. (Аллах) ал суу менен силердин пайдаңар үчүн өсүмдүктөрдү, зайтунду, курмаларды, жүзүмдөрдү жана түрдүү мөмөлөрдү өстүрөт. Шексиз буларда пикир кылган элдер үчүн далилдер бар. Дагы (Аллах) силерге Айды, Күндү жана Түн менен Күндүздү моюн сундуруп койду. Анын амири менен жылдыздар да силерге моюн сундурулган. Албетте мында акылын иштеткен адамдар үчүн далилдер бар. Ал силер үчүн жер бетинде ар түркүн (пайдалуу) нерселерди жаратты. Албетте, бул нерседе эстеген адамдар үчүн далил бар. Силер андан (балыктардын) бузулбаган эт(ин) жешиңер үчүн Аллах силерге деңизди моюн сундурду. Анын (түбүнөн) өзүңөр такчу тагынчактарды чыгарып аласыңар. Сен анда (толкундарды) жарып сүзгөн кемени көрөсүң. (Аллах) Анын пазилетин үмүт кылып, (нематтарына) шүгүр келтиришиңер үчүн (ушулардын баарын жаратты). Ал силердин тең салмактуулугуңарды сактасын деп жер бетине (салмактуу) тоолорду кадап койду. Жана (силердин пайдаңар үчүн) дарыяларды, жолдорду (да жаратты). Туура Жолду табаарсыңар... (Нахл Сүрөсү, 4-15)**

Жогорудагы аяттарда саналган нематтар Раббибиздин адамдарга бул дүйнө жашоосунда бергендеринин аз бир бөлүгү гана. Аллах бул аяттардын уландысында **«Эгер Аллахтын нематтарын санагыңар келсе, аны топторго бөлүп да санай албайсыңар. Чындыгында Аллах – кечиримдүү, боорукер.»** (Нахл Сүрөсү, 18) деп буйурулат. Адамдын бул жерде саналган нематтарды ойлонушу эле Аллахтын адамдарга болгон чексиз берешендигин, боорукердик жана мээримин түшүнүшү үчүн жетиштүү. Бизге жан берген, жашообузду уланткан, бизди күлдүргөн, көңүлүбүзгө жаккан бүт нерсени жана окуяны Аллах жаратууда. Ошондуктан ар бир адам дайыма Аллахка багытталышы, ээ болгон бүт нерсеси үчүн Раббибизге шүгүр келтириши, Агы күчтүү бир сүйүү менен жакындашы зарыл.

# Адамды жоктон бар кылган, жана ага жан берген – Аллах

Адам кантип жоктон бар болгонун, кантип жанга ээ болгонун жана эненин курсагына түшкөндөн бүгүнкү күнгө чейин канчалык назик корголгонун ойлонгондо, Аллахтын ага болгон мээримин, чексиз боорукердигин көрөт. Аллах Мерйем Сүрөсүндө адамдарды кандайча жаратылганы жөнүндө ойлонууга чакырат:

**«Адам мурда эч нерсе эмес кезинде чындыгында Биз аны жараткандыгыбызды (эч) ойлонбойбу?» (Мерйем Сүрөсү, 67)**

Аллах ар бир адамды эне курсагында абдан корголгон, майып болбой турган, кыйналбай турган бир жерге; ага эч зыян жетпей турган бир абалда жайгаштырат. Дүйнөгө келген ар бир ымыркай үчүн керектүү бүт нерсе миллиарддаган жыл мурда даярдалган. Дем ала турган абадан баштап муктаж болгон азыктарын ала турган эне сүтүнө чейин бүт нерсе аны даяр күтүп алат.

Ар бир адамдын денеси өлгөнгө чейин Аллах жараткан кемчиликсиз система менен корголот. Мисалы, жүрөк адамдын жашоосу боюнча токтобостон согот, бирок адам бул үчүн эчтеке кылууга муктаж эмес. Адамга жүрөгүнүн ар бир секунда сайын согушу үчүн ага буйрук берип туруу кызматы эле жүктөлгөн болгондо, жашоосу абдан оордошмок; уктай албай, тамак жей албай, мындан башка эч бир жумуш кыла албай турган абалга келмек. Чындыгында болсо жүрөктөргө Аллах ар бир адамдын жашоосунун алгачкы күнүнөн баштап өлгөнгө чейин иштөө буйругун берүүдө. Натыйжада жүрөк адамдын жашоосу боюнча бир заматка да токтобостон, Аллахтын көзөмөлүндө согушун улантууда.

Адам өзүмө тиешелүү деп ойлогон денесине эч кандай ээ эмес. Адамга бардык клеткаларына чейин ээлик кылган, башкарган жалгыз Улуу Раббибиз. Чоң ылдамдык менен аккан канды, жүрөк айдаган кандын көлөмүн, кандын коюулануу процессин, дем алуу, тамак сиңирүү, коргонуу (иммунитет), нерв системаларын жана бул жерде саналбаган көптөгөн системаларды адам өз башынча жөнгө салып, башкара албайт.

Адам бүт нерсеси менен Аллахка муктаж. Аллах бул чындыкты бир аятында мындайча билдирет:

**«Эй адамдар, силер Аллахка муктажсыңар; Аллах болсо Ганий (эч нерсеге муктаж эмес), Хамид (мактоого ылайыктуу).» (Фатыр Сүрөсү, 15)**

Эрте менен турганыңызда денеңизде жашооңуз үчүн керек болгон бүт нерсенин кемчиликсиз иштеп жатканына күбө болосуз. Эч кыйналбастан дем ала аласыз, көздөрүңүздү ачканда, эч эмгек жумшабастан жана убакыт өтүшүн күтпөстөн түркүн түстүү бир дүйнөнү көрөсүз.

Үндөрдү дайыма бирдей тактыкта уга аласыз, оңой гана жыт сезе аласыз, тамак жей аласыз. Жеген тамагыңыздагы витаминдердин денеңиздин кайсы тарабына бараарын, сансыз микроп жана вирус менен дененин кантип күрөшүшү зарыл экендигин, бир нерсени көрүү үчүн мээңизде сүрөттөлүштүн кантип пайда болушу зарыл экендиги сыяктуу көптөгөн процесстер жөнүндө ойлонууга эч мажбур эмессиз.

Эч кыйналбастан, бир күн, бир жыл, ал тургай жылдар мурун эмнелер кылганыңызды эстей аласыз, бүт бул нерселерди эсиңизде сактай аласыз. Эң негизгиси денеңиз ушунчалык назик тең салмактуулуктар менен иштегенине карабастан, ден-соолуктуу жана күчтүү жүрөсүз. Себеби, адам дайыма Аллахтын көзөмөлүндө болгон бир системадан көз-каранды. Мына ушул себептен адам Раббибиздин ага тартуулаган мынчалык кемчиликсиз системалар жана берген нематтары жөнүндө ойлонушу зарыл. Аллах Куранда адамдын мындай жогорку деңгээлде жаратылуусун бизге мындайча эске салат:

**Оо инсан, сени Улук Раббиң жөнүндө (туура ойлонуудан) эмне алдап койду? Ал сени жаратып, келбетиңди келиштирген эле. Жана Ал сени Өзү каалаган сүрөттө калыптандырган. (Инфитар Сүрөсү, 6-8)**

Байкалгандай, адам жалаң өзүнүн денесине кароо менен да Аллахка терең жана күчтүү бир сүйүү менен жакындоо үчүн көптөгөн далил таба алат. Чындыгында болсо нематтар жалаң гана адамдын денесинде эмес, ааламдагы бардык нерселерде адамдарга сунулган теңдешсиз нематтар бар. Бүт бул нерселер жалгыз жана чыныгы досубуз болгон Аллах биз үчүн жараткан жана сактаган укмуштуу немат-жакшылыктар.

Буларды ойлонгон адам аны жараткан, ага жашоо тартуулаган жана жашаткан Аллахка дайыма муктаж экендигин, Аллах каалабайынча, бир жолу дем да ала албастыгын көрөт; Аллахтын ал үчүн эң жакын дос жана вели экенин түшүнөт. Аллах бул чындыкты Анкебут Сүрөсүндө мындайча билдирүүдө:

**Силер жерде жана асманда (Аллахты) алсыз кыла албайсыңар. Силердин Аллахтан башка велиңер (досуңар) жок, жардам берүүчүңөр да жок. (Анкебут Сүрөсү, 22)**

## Аллах жараткан бүт нерсе эң сонуну жана эң жакшысы

Чексиз адилеттүү жана мээримдүү Раббибиз жараткан ар бир окуя, берген ар бир өкүмү адамдар үчүн эң жакшы (кайырлуу) жана эң сонуну. Жагымсыздай көрүнгөн окуяларда да Аллах жараткан көптөгөн жакшылык, кооздук жана хикмат (сырлар) бар. Аллах бул чындыкты бир аятында мындайча билдирет:

**«...(Кээде) бир нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн. Чынында ал силер үчүн жакшылык. Ошондой эле (кээде) силер жакшы көргөн нерсе өзүңөргө жамандык болуп чыгат. Аллах билет, силер билбейсиңер.» (Бакара Сүрөсү, 216)**

**«...Биз ага жолду тааныттык. (Эми ал) же шүгүр кылуучу болот же каапыр (болот). (Инсан Сүрөсү, 3)**

Бул чындыкты билүү менен жашаган момундар жолуккан ар бир окуядан, уккан ар бир сөздөн ыраазы болушат, дайыма Аллахка багытталып, жараткан нерселери үчүн Ага шүгүр кылышат, Аллахтын алар үчүн эң жакшысын жаратканын билүү менен Аллахты сүйүү жана мактоо менен зикир кылышат (эстешет).

## Аллах адамдарга оордук жүктөбөйт, алардан жеңилин каалайт

Чексиз мээримдүү жана боорукер Раббибиз китептери жана элчилери аркылуу адамдарды эң сонун жашоого жана эң оңой жолго чакырган. Аллах бизди чакырган дин ахлагы абдан оңой; ибадаттар ар бир адам күч жеткире ала турган деңгээлде. Аллах күчү жетпегендерге бир топ жеңилдиктерди билдирип, аларга Раббибиздин ыраазычылыгына жете ала турган жолдорду көрсөткөн. Аллах дининин жеңил экендигин аяттарында мындайча билдирет:

**«Жана Биз сага оңой жолду жеңил кылып беребиз.» (Аьлаа Сүрөсү, 8)**

**«...Ал силерди тандап алды жана динде силерге кыйынчылык жүктөгөн эмес, атаңар Ибрахимдин дининдеги сыяктуу...» (Хаж Сүрөсү, 78)**

**«Биз сага Куранды кыйналышың үчүн түшүрбөдүк. (Аллахтан) корккон адамдар үчүн эскерме катары түшүрдүк. (Таха Сүрөсү, 2-3)**

Аллах башка бир аятында болсо адамга күчү жеткенден ашыкча жүк жүктөбөшүн мындайча билдирет:

**Аллах эч бир жанды алы-кудурети жетпеген нерсеге буюрбайт. (Ар кимдин) пайдасы да өз иши(нен), зыяны да өз иши(нен). «Раббибиз, эгер унутсак же ката кетирсек, бизди жазалаба. Раббибиз, бизге бизден мурункуларга жүктөгөндөй оор ишти жүктөбө. Раббибиз, биздин үстүбүзгө кудуретибиз жетпеген нерселерди жүктөбө. Биздин күнөөлөрүбүздү өчүр жана кечир, бизге ырайым кыл. Өзүң биздин Кожоюнубузсуң. Каапыр коомдорго каршы бизге жардам бер. (Бакара Сүрөсү, 286)**

Аллахтын адамдар үчүн жараткан жеңилдиктери – бул Анын мээриминин, кечиримдүүлүгүнүн, боорукердигининин бир көрүнүшү. Аллах кулдарын оңой бир дин менен милдеттендирген жана дүйнөдөгү мындай жеңил сыноонун натыйжасында теңдешсиз коозduктагы, адам кыялдана да албаган деңгээлде кемчиликсиз нематтарга толгон, түбөлүк бейиш жашоосу менен сүйүнчүлөйт:

**Раббиси аларды Өзүнүн ырайымы, ыраазычылыгы жана түгөнгүс нематтар болгон Бейиштер менен сүйүнтөт. Алар анда түбөлүк калышат. Чынында Аллахтын алдында чоң сооптор бар. (Тообо Сүрөсү, 21-22)**

Аллах эч нерсеге муктаж эмес, ар кандай кемчиликтен аруу, таза. Адамдардын болсо Аллахка ибадат кылуу жана сонун адеп-ахлакта болуу муктаждыгы бар. Дүйнөнүн эң залим, эң ишенбеген кишиси да Аллахка эч кандай зыян жеткире албайт. Аллах – жандуу жана жансыз бүт нерселердин жалгыз өкүмдары жана жалгыз ээси. Ошого карабастан, Аллах адамдарга сонун ахлак көрсөтүшкөндө, аларды сыйлаарын билдирүүдө. Бул – Аллахтын жогорку кечиримдүү жана мээримдүү экендигинин далилдеринин бири.

Аллахтын адамдарды караңгылыктан нурга чыгарган акыйкат китептер түшүрүшү жана аларды туура жолго чакырган элчилер жөнөтүшү да Раббибиздин мээриминин көрүнүштөрүнөн. Аллах акыйкат китеп Куранды адамдарга туура менен туура эмести билдирген бир нур кылган, ал аркылуу адамдарга бүт нерсени түшүндүргөн. Раббибиз адамдарды милдеттендирген ар кандай ибадат, ишеним жана иш-аракеттер калыбын апачык аяттары аркылуу бизге билдирген.

**Ант болсун, Биз ыймандуу коомго Туура Жол, Ырайым болсун деп аларга Өзүбүз анык баяндаган Китепти алып келдик. (Ал Китеп Аллахтан болгон анык) илимдин үстүндө. (Араф Сүрөсү, 52)**

Аллах Куранды коргогон, жалгыз бир тамгасынын да бузулушуна уруксат берген эмес. Аллах бул чындыкты аяттарында мындайча билдирет:

**Эч шексиз, зикирди (Куранды) Биз түшүрдүк жана Аны Өзүбүз сактайбыз. (Хижр Сүрөсү, 9)**

**Анын алдынан да, артынан да жалган жолой албайт. Ал (Куран) Даанышман, Макталган (Аллах) тарабынан түшүрүлгөн. (Фуссилат Сүрөсү, 42)**

Кыяматка чейин корголо турган жана жарактуу болгон, кемчиликсиз бир жол көрсөтүүчүгө ээ болуу адамдар үчүн чоң бир немат жана жеңилдик. Аллах Курандын момундар үчүн маанисин бир аятында мындайча билдирет:

**... Биз сага Китепти ар бир нерсеге Баяндама, Туура Жол, Ырайым жана Мусулмандарга Жакшы Кабар катары түшүрдүк. (Нахл Сүрөсү, 89)**

Ошондой эле, Аллах тарых бойу адамдарга элчилерин да жөнөткөн. Аллах тандаган элчилер – абдан ишенимдүү, такыба (Аллахтан корккон), адилеттүү, сонун ахлактуу жана абдан жакшы кишилер. Бул элчилер жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгын максат кылышкан жана өлүмгө да тике карап, адамдарды туура жолго чакыруу үчүн жашоолору боюнча күрөшүшкөн. Аллахтын элчилеринин дагы бир өзгөчөлүгү алар абдан мээримдүү, момундарга боорукер болушкан, аларды коргогон, бүт нерсени

байкап турган адамдар болушкан. Аллах тарых боюнча тандаган бүт элчилердин мынчалык сонун өзгөчөлүктөргө ээ болушу – Раббибиздин момундарга бир мээрими.

Аллахтын адамдарга бүт нерсени апачык билдириши, акыйкат китептер жана ишенимдүү элчилер менен аларды оңой бир жолго чакырышы Аллахтын адамдарга болгон боорукердигинин жана коргоочулугунун бир көрсөткүчү. Аллах тарых бойу адамдарга жеңилдиктер берип, каалоолорун аларга эң сонун ортомчулар аркылуу билдирген, чакырыгын ээрчигендердин велиси (досу) жана коргоочусу болоорун убада кылган жана ушулар менен бирге аларга чексиз коозduктагы бейишин сүйүнчүлөгөн. Рахман жана Рахим болгон Аллах - дүйнөдө да, акыретте да адамдарга мээримдүүлүк кылуучу, аларды коргоочу, немат-жакшылыктар берүүчү чексиз боорукердик ээси. Ой жүгүрткөн, акыл жана абийирге ээ ар бир адам ага берилген бардык бул немат-жакшылыктар үчүн Аллахка эң сонун жол менен шүгүр келтирет жана Раббибизге чын жүрөктөн сүйүү жана баш ийүүчүлүк менен жакындайт.

Аллах күнөөлөрүнө бушайман болгондордун тооболорун кабыл кылат, аларды кечирет.

Аллах чексиз кечиримдүү. Курандын бир аятында Раббибиз бул чындыкты бизге **«Эгер Аллах (бул дүйнөдө) адамдарга каапырчылыгына жараша азап берчү болсо, жер бетинде кыбыраган жан калтырмак эмес. Бирок Аллах аларды(н азапталуусун) белгилүү убакытка (кыяматка) чейин кечиктирүүдө...»** (Нахл Сүрөсү, 61) сөздөрү менен билдирүүдө.

Аллах азыр сиз бул китепти окуп жатканда, сизге да, бүт адамдарга да бир мөөнөт берүүдө. Чындап ыйман келтиргендер үчүн бул абдан жакшы, сооптуу бир мөөнөт. Аллахтан коркуп күнөөдөн сактанган ар бир адам эң кичинекейинен эң чоңуна чейинки ар бир күнөөсү үчүн Аллахка тообо келтирип, Анын кечиришин сурай алат, күнөөлөрүн жоюуну үмүт кыла алат. Адам чын жүрөктөн тообо кылган болсо, Аллах ар кандай күнөөнү кечирүүчү. Аллахтын чексиз кечиримдүү экендиги Куранда мындайча билдирилген:

**«Эгер силерге Аллахтын пазилети жана ырайымы болбогондо жана Аллах тооболорду кабыл кылуучу, Даанышман болбогондо (эмне кылаар элеңер)?» (Нур Сүрөсү, 10)**

Аллах чексиз кечиримдүү болгондуктан, адам үчүн дайыма бир кутулуу үмүтү бар. Тооболорду кабыл кылган, берешендик жана мээрим ээси Раббибиз адамдарга болгон мээрими себебинен аларга жашоолору боюнча кутулуу мүмкүнчүлүгүн берген, аларга тооболорду кабыл алуучу экендигин билдирген. Аллахтын бардык мындай нээматтарына жана мээримине карабастан, Аллахты унуткандар, Ага муктаж экендиктерин байкабастан жашагандар – чындап капылетке кабылышкандар. Дүйнө жашоосунда Раббибиздин мээримин, сүйүүсүн жана нематтарын керектүү деңгээлде түшүнүп кадырына жетпеши мындай адамдардын акыретте тозок азабына кабылышына себеп болот.

## Аллах – Анын жолунда жүргөндөрдүн коргоочусу жана жардамчысы

Аллахка чын көңүлдөн багытталган, Анын жолунда болгон ар бир адам Раббибиздин ага болгон коргоосуна, ысык жана жакын мамилесине дайыма күбө болот. Аллах чын жүрөктөн жасалган, арамдан

сактанган жана адалга ылайыктуу болгон ар бир иште момундардын жолун ачат; аларга жеңилдик берет. Аллах Курандын көптөгөн аяттарында момундарга сөзсүз жардам берээрин, аларды коргоорун жана дайыма жогорку даражага алып келээрин убада кылууда. Аллах бул аяттардын биринде мындай буйурат:

**... Ыймандууларга жардам берүү Бизге ак (акыйкат) милдет болгон. (Рум Сүрөсү, 47)**

Аллах дайыма жардамы менен кубаттаган момундардын эң сонун өрнөктөрдүн бири – бул Аз. Мусанын жашоосу. Аз. Муса жашаган шаарынан качкандан кийин Аллахка **«Раббим, чындыгында мага бере турган ар кандай жакшылыгыңа муктажмын»** (Касас Сүрөсү, 24) деп дуба кылган. Аллах анын дубасын кабыл кылып, аны бир коомго жолуктурган. Натыйжада Аз. Муса ишенимдүү адамдардын жанында жашоо жана иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

Аллах Аз. Мусага пайгамбарлык бергенден кийин Аз. Мусанын сураныча менен ага бир тууганы Аз. Харунду кошуп берип кубаттаган. Фараон жана анын аскерлери Аз. Муса жана Аз. Харундун артынан түшкөндө да Аллах аларга жардам берген. Аллах деңизди экиге бөлүп, Аз. Муса жана анын жанындагылар өтө ала турган бир жол ачкан, ал эми Фараон менен анын аскерлерин сууга чөктүргөн. Аллах Аз. Муса жана Аз. Харунга болгон жардамын Саффат Сүрөсүндө мындайча билдирет:

**Ант болсун, Биз Муса менен Харунга да жакшылык кылдык. Жана ал экөөсү менен алардын коомун чоң балээден куткардык. Жана аларга жардам бердик, натыйжада экөө жеңүүчүлөрдөн болушту. (Саффат Сүрөсү, 114-116)**

Аллах Аз. Нухка да жардам берген, коомуна келе турган бир суу баскындан аны жана жанындагы ыйман келтиргендерди коргоо үчүн Аз. Нухка бир кеме жасоосун вахий кылган. Аллах Аз. Исаны болсо крестке асылып өлтүрүлөөр абалында турганда, аны Өз Кабатына алып коргогон. Аллах Аз. Йусуфту зындандан куткарып, ага кызмат жана бийлик ордун насип кылган. Раббибиз Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммедге да дайыма жардам берип, анын жүгүн жеңилдеткен. Аллах Куран аяттары менен Пайгамбарыбыз (сав)дын велиси, коргоочусу жана жардамчысы экендигин сүйүнчүлөө менен момундардын жүрөктөрүнө бейпилдик жана ишеним сезимин берген.

Аллахтын ыйман келтиргендерге болгон жардамын сүйүнчүлөгөн аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Айткын: «Эгер силерге (Аллах) бир жамандык каалаган болсо, Аллахтан силерди ким сактай алат? Же Ал силерге бир ырайымдуулук кааласа, (аны тосо турган) ким? Алар өздөрүнө Аллахтан башка дос да, жардамчы да таппай калышат. (Ахзаб Сүрөсү, 17)**

**Ант болсун, (пайгамбар кылып) жиберилген пенделерибиз үчүн (мындай) сөзүбүз жазылган: «Чынында алар гана жардам берилген**

**адамдар. Жана чынында Биздин аскерибиз гана жеңүүчүлөр». (Саффат Сүрөсү, 171-173)**

**Оо, ыйман келтирген адамдар, эгер Аллахка (Аллахтын дини Исламга жана Мусулмандарга) жардам берсеңер, Аллах дагы силерге жардам берет жана кадамыңарды бекем кылат. (Мухаммед Сүрөсү, 7)**

Адам дайыма Аллахка муктаж. Эч бир адамдын Аллахтан башка бир жардамчысы жок. Кандайдыр бир кыйынчылыкка кабылганда, ага жардам бере турган бир гана Аллах. Аллах адамдарга мээрим катары дүйнө жашоосунда алар жолуга турган кыйынчылыктардан чыга алышы үчүн көптөгөн нематтар жараткан. Адам бул нематтардан пайдаланууда буларды өз алдынча бир күчкө ээ нерселер катары ойлошу чоң жаңылыштык болот. Себеби чындыгында булардын баарын жараткан Аллах жана алардын баары Аллахтын каалоосу менен адамдар үчүн бир нематка жана мээримге айланат. Мисалы, чалдыккан оорусу үчүн доктордон жардам сураган бир адамга чындыгында жардам бере турган бир гана Аллах. Доктор болсо Аллахтын каалоосу менен гана адамга шыпаа бере алат. Ошол сыяктуу укугун коргоо үчүн өзүнө бир адвокат жалдаган адамдын чыныгы векили (таянаары) бир гана Аллах. Адвокат Аллахтын каалоосу менен гана бир адамдын укугун коргой алат же анын адилеттүүлүккө жетишине себеп боло алат. Чындыгында болсо окуяларды эң сонун натыйжаландырган жана адамга нематын жеткирген бир гана Аллах.

Ар бир ишинде дайыма Аллахка багытталган, жалаң гана Раббибизге таянган бир адамдын жалгыз досу жана жардамчысы Аллах. Аллах момундарга каалаган жолдор аркылуу жардамын жеткирет. Бул чындыктарды билген бир адам эч качан адамдардан же башка күчтөрдөн бир нерсе үмүт кылбайт. Бүт жардамдын Аллахтан келээрин билет, бүт нерсени Аллахтан сурайт. Бир ийгиликке жеткенде, жеңишке жеткенде, бир пайда тапканда, ошол замат Аллахка кайрылып шүгүр кылат, жардамы үчүн Аллахка ыраазычылык сезет. Жашоосу боюнча Аллахтын жардамын жана колдоосун көргөндүктөн жана бүт окуяларды Аллах жаратаарын билгендиктен, түпкүрүндө Раббибизге ыраазычылык сезет жана Ага чын жүрөктөн жана күчтүү бир сүйүү менен жакындайт. Аллах адамдардын чыныгы досунун жана жардамчысынын бир гана Өзү экендигин Куранда мындайча эскертет:

**... Аллах бардык нерсеге Кудуреттүү экенин билбейсиңби? Асмандар жана жер өкүмдарлыгы (жалгыз) Аллахка таандык экенин жана силерге Аллахтан башка эч бир кожоюн, эч бир жардамчы жок экенин билбейсиңби? (Бакара Сүрөсү, 106-107)**

## Аллах дубаларга жооп берүүчү

Адамдын өзүнө тиешелүү өз алдынча эч кандай күчү жок. Жашоосунун ар бир көз ирмеминде, жолуккан ар бир окуяда Аллахтын күчүнө, ага мээрим көрсөтүп, берешендик кылышына жана нематын

беришине, коргоп кубатташына муктаж. Чексиз мээримдүү Раббибиз адамдарга бүт дубаларына жана ар бир кайрылууларына жооп берээрин билдирүү менен аларга жардамын сүйүнчүлөгөн:

**Эгер Менин пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, (айткын) Мен (аларга) жакынмын. Мага дуба кылышса, дуба кылуучунун дубасына жооп беремин. (Эми,) Мага да жооп беришсин жана ыйман келтиришсин. Туура Жолго түшүп калышаар. (Бакара Сүрөсү, 186)**

**Силердин Раббиңер: «Мага дуба кылгыла, силерге жооп беремин (кабыл аламын)» деди. Мага ибадат кылуудан текеберленген адамдар тез арада кор болгон абалда тозокко киришет. (Момун Сүрөсү, 60)**

Жер бетиндеги бүт нерсенин жалгыз өкүмдары жана ар бир адамдын, ар бир жандыктын, заттык, руханий бүт нерсенин жалгыз ээси болгон Аллахтын адамдардын ар бир каалоосун угушу, акылынан өткөн бүт нерсени билиши жана дубаларына жооп бериши – адам үчүн абдан чоң бир немат жана мээримдүүлүк.

Адам Аллахтын ыраазычылыгына, адал жана арам чегине ылайык, эч кандай чектөө болбостон Раббибизден бүт нерсени сурай алат. Аллах Куранда көптөгөн пайгамбардын дубасына орун берген жана Өзүнүн бул дубаларга кандайча жооп бергендигин билдирген:

**Жана Айубду да эсте. Ал Раббисине: «Мени зыян каптады. Өзүң ырайым кылуучулардын эң ырайымдуураагысың.» деп дуба кылды. Кийин Биз анын дубасын кабыл кылып, андагы зыянды арылттык жана Өзүбүздөн ырайым-рахмат ирээтинде жана (сабырдуу) ибадатчыларга эскерме-сабак болсун деп ага үй-бүлөсүн кайтарып, алар менен дагы ошончо (перзент) бердик. (Анбия Сүрөсү, 83-84)**

**Зуннунду (Йунусту) да эстегин. Бир кезде ал ачууланып, (элинен ээн жерге) кетип калды. Ал Бизди өзүн тар (жана караңгы) жерде калтырбайт деп ойлогон. Ал караңгылыктарда (калып): «Өзүңдөн башка илах жок. (Оо, Раббим,) Сен Аруу-Таза Кудайсың. Мен заалымдардан болуп калдым.» деп жалбарды. Биз анын дубасын кабыл алдык жана кайгыдан куткардык. Биз момун адамдарды мына ушинтип куткарабыз. (Анбия Сүрөсү, 87-88)**

**Жана Закарияны эсте: ал Раббисине: «Оо, Раббим. Мени жалгыз (туяксыз) калтырба, Өзүң мурас алуучулардын эң жакшышысың.» деп дуба кылганда, Биз анын дубасын кабыл алып, ага Яхьяны белек кылганбыз жана туубас аялын да айыктырып койгонбуз. Алар (пайгамбарлар) жакшылык (сооп) иштерге тез киришүүчү пенделер эле. (Жакшылыктардан) үмүт кылып, (жамандыктардан) коркуп, дуба кылышчу. Жана алар Биз үчүн кичипейил пенделер болгон. (Анбия Сүрөсү, 89-90)**

**Ант болсун, Нух Бизге дуба кылды, Биз эң жакшы жооп бердик. Аны жана үй-бүлөсүн чоң балээден куткардык. Жана анын урпактарын гана (аман) калуучулардан кылдык. (Саффат Сүрөсү, 75-77)**

Аллах Немл Сүрөсүндө жалаң гана пайгамбарлардын эмес, кыйынчылык жана муктаждыкта болгон бүт адамдардын дубасына жооп берээрин билдирген:

**Же болбосо, зарыккан-муктаждын дубасына ким жооп берип, балээни ким кайтарат? Жана силерди жер бетине (ким) халифа-орун басар кылат? (Аллахпы) же Аллах менен (силер ага шерик кылган) башка «кудайбы»? Канчалык аз ойлоносуңар. (Намл Сүрөсү, 62)**

Бир адамдын Аллахтан сураган нерсесинин ишке ашканын көрүшү ал үчүн чоң бир кубанычка себеп болот. Аллахтын дайыма анын жанында экенин, аны көрүп, угуп тургандыгын, ар бир ойунан кабардар экендигин билүү, ак пейилдүү болсо Аллах ар бир ишинде ага жардам берээрин, ар бир каалоосун кабыл кылаарын үмүт кылуу бир момундун Аллахка болгон сүйүүсүн, баш ийүүчүлүгүн жана чын көңүлдөн жакындашын күчөтөт.

# Аллах чексиз адилеттүүлүк ээси

Адам жашоосу боюнча бир топ адамдардын адилетсиз мамилесине күбө болушу мүмкүн. Кээ бири соодасында, кээ бири күбө болууда, кээ бири болсо бир нерсе жөнүндө чечим чыгарууда адилеттүү болбой, өз каалоосун коргойт же адилеттүү болууга акылы жетпейт. Адилеттүүлүк – бир адамдын жогорку ахлакка ээ, калпычы эмес жана ак пейилдүү экендигинин эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири. Коомдо өз зыянына болсо да адилеттүүлүктү жактаган адамдарга карата сүйүү жана урмат көрсөтүлөт. Коом ичинде да бул тараптары менен таанылган адамдар башка көз-караштагы адамдардан да урмат көрүшөт, ал тургай баатыр аталышат.

Аллах болсо чексиз адилеттүүлүк ээси. Аллах ар бир өкүмүн адилеттүүлүк менен берет. Бүт адамдар тарых бойу Аллах Кабатында татыктуу болгон сыйлык же жазасын алышкан жана мындан кийин да кемчиликсиз алышат. Ар бир адам Аллах Кабатында кылган иштеринин толук сыйлык же жазасын алат. Аллах акырет күнүндө адилетинин кандай кемчиликсиз көрүлөөрүн аяттарында мындайча билдирет:

**Биз бардык инсандарды имамдары менен (суракка) чакырган (Кыямат) Күндө кимдин (амал китеби) оң тарабынан берилсе, алар өз китептерин (сүйүнүп) окушат жана аларга чел кабыкчалык дагы зулумдук кылынбайт. (Исра Сүрөсү, 71)**

**Айт: «Раббибиз (кыямат күнү) бизди бир жерге чогултуп, анан ортобузда акыйкат менен өкүм кылат. Ал – (чыныгы өкүмүн берүү менен чындык менен батылдын арасын) ачуучу, (бүт нерсени толугу менен) билүүчү. (Саба Сүрөсү, 26)**

Аллахтын адилеттүүлүгүнө бекем ишенимде болуу болсо адамдын Аллахка чексиз бир сүйүү жана ишеним менен баш ийишине себепчи болот. Мындай адам кандай окуяга кабылбасын Аллахтын адилеттүүлүгүнүн дайыма ишке ашканына ишеними бек болот, Раббибиз ал үчүн жараткан ар бир окуяны кубануу менен тосуп алат.

# АЛЛАХ СҮЙҮҮСҮ МЕНЕН АЛЛАХ КОРКУУСУ БИРГЕ БОЛУШУ ЗАРЫЛ

Кээ бир адамдар дих ахлагын жашоо жана Аллах ыраазы боло турган бир адам болуу үчүн Аллах сүйүүсү гана жетиштүү деп ойлойт. Бирок Аллах Куранда ыраазы болгон такыба кулдарынын Аллахты абдан сүйүүлөрү менен бирге Андан күчтөрү жетишинче коркуп тартынаарын билдирүүдө. Аллахты бардык сыпаттары менен тааныган, Анын Улуулугун зарыл деңгээлде аңдап-түшүнө алган, акылдуу жана абийирдүү ар бир адам Аллахтан күчү жеткенче коркуп тартынат. Аллах Андан корккон кулдарына туура менен туура эмести айырмалай ала турган өзгөчөлүк берет; Аллах койгон чектерге ылайык жашашы, дайыма абийирин угуу менен аракет кылышы үчүн ага күч берет. Аллах ыйман келтиргендерге берген бул нематын Куранда мындайча билдирет:

**Оо, ыйман келтиргендер. Эгер Аллахтан корксоңор, силерге жакшылык менен жамандыкты ажырата турган илим-парасат берет, (кичинекей) күнөөңөрдү өчүрөт жана (чоң) күнөөңөрдү кечирет. Аллах – Улук пазилет ээси. (Анфал Сүрөсү, 29)**

Мисалы, Аллахтан коркуп тартынган бир адам эч качан жалган сүйлөбөйт. Эгер калп айтса, Аллахтын ыраазычылыгына жете албоодон жана Анын ал адамга бериши мүмкүн болгон азаптан коркуп тартынат жана өзүнүн зыянына болсо да чындыкты сүйлөйт. Бир заматтык капылеттиктен улам туура эмес бир нерсе айтып алса да, ошол замат күнөө кылганы үчүн Аллахка тообо кылат жана катасын оңдойт. Ушул сыяктуу бир адамдын канчалык кыйын абалда болсо да арам жолдон акча издебеши да анын Аллах коркуусунун бир натыйжасы.

Аллах коркуусу болбогон бир адамдын өзүнө жараша бир чеги бар; ал чекке чейин чынчыл болсо да, бир жерден кийин напсисине ылайык аракет кылат. Аллахтан коркуп тартынган бир адам болсо канчалык кыйын абалда калбасын эч качан Аллах ыраазы болбой турган бир жолду тандабайт. Бир кыйынчылыкка кабылганда, Аллахка таянып, Ага ишенет, абалдан чыгуу жолун көрсөтүшү үчүн Раббибизге дуба кылат жана тобокел кылат.

Аллах кулдарын сүйөт, алар үчүн сулуулуктар каалайт, аларды кечирет, мээрим көрсөтөт, аларга жардам берет жана көп берешендик кылат. Мушриктер жана каапырлар болсо Аллахтын мээриминен алыс болушат. Чексиз адилеттүү Раббибиз Ага чын, таза жүрөктөн ыйман келтирген салих кулдарын дүйнөдө жана акыретте мээрими менен сыйлайт, каапырчылыкта көгөргөн адамдарды болсо тозок азабы менен азаптайт.

Раббибиздин чексиз күч-кудуретин жана акыреттеги түбөлүк азапты толугураак түшүнгөн бир адам жашоосунун ар бир көз ирмеминде, кылган ар бир ишинде Аллахтан абдан коркот. Мындай коркуусу себебинен Раббибиз ыраазы болбой турган бир мамиле кылуудан абдан качынат. Бирок бир тараптан да Аллахка чын жүрөктөн сүйүү жана бекемдик менен жакын болуудан улам, Аллахтын анын

каталарын кечирип тооболорун кабыл кылаарын, Аллахтын ыраазычылыгына жетүү үчүн кылган көп аракеттери үчүн аны бейиши менен сыйлаарын үмүт кылат. Куранда ыйман келтиргендердин мындай ахлагы мындайча билдирилет:

**Чынында, кайыптагы Раббисинен корккон адамдарга (Аллах Таала тарабынан) кечирим жана чоң сыйлык (бейиш) бар. (Мүлк Сүрөсү, 12)**

**Оо, ыйман келтиргендер. Аллахтан чындап коркула жана мусулман (ыймандуу) болуп гана өлгүлө. (Ал-и Имран Сүрөсү, 102)**

Аллахты чындап сүйгөн ар бир момун Аллахтын азабынан, Аллахтын ыраазычылыгы жана сүйүүсүн жоготуп койуудан абдан коркот жана ушул себептен жашоосу боюнча чын жүрөктөн жана көп көп аракеттерди кылат. Аллах Куранда бул ахлакты жашаган момундарга мындай куш кабар билдирет:

**Ал эми кимде ким акыретти каалап, ыймандуу болуп, аракетин ошого арнаса, алардын аракеттери кабыл алынган. (Исра Сүрөсү, 19)**

# АЛЛАХТЫ СҮЙГӨН ПАЙГАМБАРЛАРДЫ ЖАНА МОМУНДАРДЫ ДА СҮЙӨТ

Ыйман келтиргендер Аллахка болгон күчтүү сүйүүсү жана чын жүрөктөн жакындыктары себебинен Аллах жараткан жандыктарды да абдан сүйөт, булардын ар биринде Аллахтын сыпаттарынын көрүнүштөрүн көрөт. Курандын **«Силердин досуңар – Аллах, Анын Пайгамбары жана ыйман келтирген адамдар. Алар моюн сунган абалда намазды толук аткарышат жана зекетти беришет.»** (Маида Сүрөсү, 55) аятында билдирилгендей, ыйман келтиргендер Аллах адамдарга туура жол көрсөтүшү үчүн жөнөткөн пайгамбарларды жана салих момундарды да абдан сүйүшөт. Пайгамбарлар – Аллах бүт адамдар үчүн өрнөк кылган, терең бир ыйманга ээ, жогорку ахлактуу адамдар. Аллах **«Ант болсун, силер үчүн, Аллахтан жана акырет күндөн үмүт кылып, Аллахты көп-көп зикир кылгандар үчүн, Аллахтын элчисинде сонун үлгүлөр бар.»** (Ахзаб Сүрөсү, 21) аятында кабар бергендей, Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин жашоосунда жана ахлагында ыйман келтиргендер үчүн сонун өрнөктөр жана хикматтар бар. Пайгамбарыбыздын (сав) Аллахка болгон абдан жакындыгы, такыбаалыгы, сабыры, акылы, эр жүрөктүгү, тазалыгы, мээрими, бекемдиги, жандуулугу жана дагы көптөгөн сонун өзгөчөлүктөрү бүт Мусулмандарга өрнөк болгон.

Пайгамбар Мырзабыз Аллахка жана пайгамбарга болгон сүйүүнүн маанисин бизге мындайча эскерткен:

Расулуллах буйурду: «Аллаху Тааланы жана Анын Элчисин бүт нерседен көп сүйбөгөндүн ыйманы бекем эмес.» Ыйман эмне? деп сурашканда: «Аллах жана Элчиси сен үчүн башка бүт нерседен сүйүктүү болушу.» буйурган. Дагы айткан: «Кул Аллах жана Анын Элчисин бала-чакасынан, мал-мүлкүнөн жана бүт нерседен көбүрөөк сүймөйүнчө момун болбойт.»

«Аз. Энестин риваяты боюнча Расулуллах (сав) буйурган, үч нерсе (хаслет) бир адамда болсо, ал адам ыймандын сонун даамын татат. Биринчиси, Аллах жана Элчисинин ал адамга бүт нерседен сүйүктүү болушу. Экинчиси, башкаларга болгон махабатында да Аллах үчүн сүйүшү. Үчүнчүсү, каапырчылыкка кайтууну отко ыргытыла тургандай коркунучтуу (керих) көрүшү.[1]

Аллахтын бардык элчилери жана пайгамбарлары Аллах Кабатында тандалган, Раббибиздин ыраазычылыгына жеткен жогорку ахлактуу адамдар. Аллах Куранда пайгамбарлардын сонун ахлактарынан мисалдар берген жана алар жөнүндө мактоо менен сөз кылган. Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед, Аз. Муса, Аз. Иса, Аз. Ибрахим, Аз. Харун, Аз. Яхья, Аз. Йусуф, Аз. Йунус, Аз. Якуб, Аз. Исмаил, Аз. Сулайман, Аз. Дауд жана башка бүт пайгамбарлар жана элчилер Аллахка болгон чыныгы ыймандары, урмат толо коркуулары, такыбалыктары жана сонун ахлактары менен адамдарга өрнөк болушкан. Куран аркылуу элчилерди мындай жогорку өзгөчөлүктөрү менен тааныган бүт момундар алардын ахлагына жете алуу, алар сыяктуу Аллахтын досутугуна жете алуу жана бейиште алар менен бирге боло алуу үчүн жакшы иштерде жарышат жана чындап аракет кылышат. Момундардын пайгамбарларга болгон мындай терең сүйүүсү алардын сүйүү түшүнүгүн да көрсөтүүдө. Ыйман келтиргендердин башка бирөөгө көрсөткөн сүйүүсү толугу менен ал адамдын ыйманынан, сонун

ахлагынан жана такыбалыгынан келип чыгууда. Бир адамдын мындай өзгөчөлүктөрүн билүү ал адамга эч жолукпаса да ага карата терең жана күчтүү сүйүү пайда болушуна себеп болот.

Ыйман келтиргендер эч көрбөгөн, таанышпаган жана жандарында болбогон болушса да, Аллахтын элчилерине карата терең бир сүйүү, урматтоо жана жакындык сезимин туйушат. Аллахтын аларды бүт ыймандууларга бир мээрим катары жөнөтүшү жана көптөгөн Куран аятында алар жөнүндө сүйүү жана мактоо менен сөз кылынышы ыйман келтиргендердин элчилерге болгон сүйүүлөрүн андан да күчөтөт. Ыйман келтиргендер пайгамбарлар жана элчилер жөнүндө дайыма урмат, сүйүү жана мактоо менен сөз кылышат, аларды дайыма өздөрүнөн алдыда жана өйдө тутушат. Ар бир мүмкүнчүлүктө алардын Аллахка болгон баш ийүүчүлүгүн, жакындыктарын, сүйүүлөрүн, сонун ахлак өзгөчөлүктөрүн бүт адамдарга баяндайт жана аларды да элчилердин жолунан жүрүүгө чакырат.

Аллах Куранда ыйман келтиргендердин элчилерге карата мындай сүйүүлөрүнө көңүл бурган жана пайгамбарлардын момундар үчүн өз напсисинен (өздөрүнөн) өйдө экенин билдирген:

**Пайгамбар момундар үчүн өз жандарынан да кымбат... (Ахзаб Сүрөсү, 6)**

Аллах Курандын көптөгөн аяттарында пайгамбарлардын сонун ахлагына жана жогорку өзгөчөлүктөрүнө орун берген. Пайгамбарлар сүйүү жана мактоо менен саламдалган мындай аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Биз аны(н ысымын) кийинки муундардын арасында (даңазалуу кылып) калтырдык. Ибрахимге салам болсун. Биз жакшыларды ушинтип сыйлайбыз. Чынында ал биздин момун пенделерибизден болгон. Жана Биз ага Исхак жөнүндө куш кабар бердик. (Исхак) салих пайгамбарлардын бири. Биз ага (Ибрахимге) жана Исхакка берекеттерди бердик. Ал экөөсүнүн урпактарынын арасынан жакшы(лар) да, өзүнө анык зулум кылган(дар) да чыкты. (Саффат Сүрөсү, 108-113)**

**Жана аларды акыркы муундардын арасында (даңазалуу кылып) калтырдык. Муса менен Харунга салам болсун. Биз жакшыларды ушинтип сыйлайбыз. Чынында, экөө тең Биздин ыймандуу пенделерибизден. (Саффат Сүрөсү, 119-122)**

**Ильяс дагы элчи-пайгамбарлардан эле... Биз аны(н ысымын) кийинкилердин арасында (даңазалуу) калтырдык. Ильяска салам болсун. Шек жок, Биз жакшыларды ушинтип сыйлайбыз. Ал Биздин момун пенделерибиздин бири. (Саффат Сүрөсү, 123, 129-132)**

**Жана Биз ага (Ибрахимге) Исхак жана Якубду белек кылдык, баарын Туура Жолго баштадык. Биз (алардан) мурун Нухту, анын урпактарынан Даудду жана Сулайманды, Айубду жана Йусуфту, Мусаны жана Харунду туура жолго багыттадык. Биз жакшылык кылуучуларды мына ушинтип сыйлайбыз.**

**Закария, Яхья, Иса жана Ильясты да (туура жолго баштадык), бардыгы салих жакшы адамдардан.**

**Исмаил, Эльяса, Йунус, Лутту да (туура жолго баштадык). Алардын баарын ааламдардан абзел кылдык.**

**Алардын аталарын, урпактарын жана ага-инилерин да (башка элдердин арасынан) тандап алып, туура жолго баштадык. (Энам Сүрөсү, 84-87)**

Аллах Куранда пайгамбарларыбызды мындайча саламдайт:

**Жөнөтүлгөн (пайгамбар)ларга салам болсун. Жана ааламдардын Раббиси Аллахка мактоолор болсун. (Саффат Сүрөсү, 181-182)**

Пайгамбарлар – Аллах эң сүйгөн, Өзүнө эң жакын дос кылган, эң салих момундардан. Аллах эң сүйгөн, момундар да эң сүйгөн адамдар. Ошондуктан, момундар да пайгамбарларыбызга болгон сүйүүлөрүн аларды Аллах Куранда саламдагандай, сүйүү менен мактап жана эскерүү менен көрсөтүшү зарыл, жана алардын жолун жана ахлагын толук жолдоого аракет кылышы керек.

# Аллахты сүйгөн Аллахтын досу болгон момундарды да сүйөт

Аллах сүйгөндөр момундар үчүн да сүйүктүү; Аллахка дос болгон момундардын да досу; Аллах кимден ыраазы болсо момундар да андан ыраазы; Аллахты сүйгөн Аллах сүйгөн кулдарын да сүйөт. Аллах жолундагы салих момундар – Аллахтын эң сүйүктүү кулдарынан. Ошондуктан момундар бири-бирин абдан сүйүшөт жана жакындык сезип, коргошот. Курандын көптөгөн аяттарында момундардын бири-бирине болгон сүйүүлөрү, жакындыктары, мээрими жана боорукердиги жөнүндө сөз кылынат. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Сен эртели-кеч Раббисине Анын ыраазылыгын каалап, дуба кылып жаткан адамдар менен бирге өзүңдү сабырдуу карма. Эки көзүң аларды көрбөй калып, дүйнө жашоосунун зыйнаттарына берилбе. Жана Биз жүрөгүн Бизди зикир кылуудан (эстөөдөн) бейкапар кылып койгон жана өз каалоосун гана ээрчиген адамга моюн сунба. Анын бардык иштери текке кетүүчү. (Кехф Сүрөсү, 28)**

**Шек жок, Аллах Өзүнүн жолунда бир-бирлерине жабышкан (бекем ширелген) бир үй сыяктуу сап-сап болуп согушкан пенделерин сүйөт. (Саф Сүрөсү, 4)**

**Бардыгыңар Аллахтын жибин бекем кармагыла жана бөлүнүп-жарылбагыла. Аллахтын силерге берген нематын эстегиле: бир кезде силер өз ара душман болуп, (токтоосуз согушуп) турганыңарда жүрөгүңөрдү бири-бирине үлпөт кылды жана Анын бул нематы себептүү (бир туугандай) дос болуп калдыңар. Жана силер тозок чуңкурунун жээгинде элеңер, андан силерди куткарды. Аллах силерге Өзүнүн аяттарын туура жолго түшөөрсүңөр деп ушинтип баян кылат. (Ал-и Имран Сүрөсү, 103)**

# ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН СҮЙҮҮГӨ ҮНДӨГӨН СӨЗДӨРҮ

Микдам Ибну Мадикериб (радыйаллаху анх) мындай баяндайт:

«Расулуллах (алейхиссалату весселам) буйурду: «Бирөөңөр бир тууганынын ахлагын (Аллах үчүн) сүйсө, муну ага айтсын.» [2]

Ата эль-Хорасани баяндайт: «Расулуллах (алейхиссалату весселам) буйурду: «Бири-бириңер менен кол алышкыла, жүрөктөрдөгү кек кетсин. Белек беришкиле, бири-бириңерге сүйүү пайда болсун жана араңардагы душмандык жоголсун.» [3]

«Белек беришкиле, бири-бириңерди сүйгүлө, «Бири-бириңерге тамак тартуулагыла. Бул ырыскыңарды көбөйтөт.» [4]

«Аллах Кабатында эң сүйүктүүңөр достук курган жана аны менен достук курулганыңар. Аллах алдында эң жагымсызыңар болсо куулуп жүргөндөр, достордун арасын бузгандар.» [5]

«Эки бир тууган (эки дос) эки кол сыяктуу, бири экинчисин жууйт (тазалайт).» [6]

«Бири-бириңерден тескери бурулбагыла. Бири-бириңерге өчөшпөгүлө. Бири-бириңерди кызганбагыла. Бири-бириңер менен достугуңарды үзбөгүлө. Эй Аллахтын кулдары, бир тууган болгула.» [7]

«Силерге берген нематтары үчүн Аллахты сүйгүлө, мени да Аллах мени сүйгөн үчүн сүйгүлө.» [8]

«Аллах үчүн жөнөкөй (бой көтөрбөс) болгонду Аллах бийик кылат. Бой көтөргөндү Аллах төмөн кылат. Аллахты көп эстегенди Аллах сүйөт.» [9]

# АЛЛАХ ЫРААЗЫЧЫЛЫГЫ ҮЧҮН СҮЙҮҮ

Дүйнө жашоосундагы жалгыз максаты Аллахтын ыраазычылыгына, рахматына жана бейишине жетүү болгон жана Аллахка чын көңүлдөн баш ийген момундар бүт жашоолорун Аллах үчүн жашашат. Курандын **«Айткын: «Менин намазым, ибадаттарым, жашоом жана өлүмүм ааламдардын Раббиси – Аллах үчүн.»** (Энам Сүрөсү, 162) аятында билдирилгендей, кылган ар бир ишинде, ар бир мамилесинде Аллахтын ыраазычылыгын максат кылышат. Ээ болгон бүт нерсесин Аллахтын ыраазычылыгына жетүүгө арнаган момундардын сүйүүлөрү да жалаң гана Аллах үчүн. Аллахты бүт сыпаттары менен тааныган, Анын күч-кудуретине жана улуулугуна ар дайым күбө болгон, Раббибиздин рахматын, сүйүүсүн жана мээримин бүт жашоосу боюнча дайыма сезген бир момундун Аллах сүйүүсү – эч кайсы сүйүү менен салыштырууга болбой тургандай, күчтүү. Аллах Бакара Сүрөсүндө момундардын Ага болгон күчтүү сүйүүлөрү менен мушриктердин туура эмес сүйүү түшүнүктөрү арасындагы айырманы мындайча билдирүүдө:

**Адамдардын арасында кээ бирөөлөр Аллахтан башка нерселерди (Аллахка) тең (шерик) кылып алышат (жана) аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт. Ыймандуу адамдар болсо Аллахты көбүрөөк сүйүшөт... (Бакара Сүрөсү, 165)**

Аятта билдирилгендей, адамдардын кээ бирлери Аллахка шерик кошууда жана башка жандыктарды Аллахты сүйгөндөй сүйүшүүдө (Аллахты аруулайбыз). Момундар болсо эч бир адамдын, заттын же жандыктын чынында өзүнө тиешелүү бир күчү же сулуулугу жок экендигин билет. Булардын баарын алар ээ болгон өзгөчөлүктөрү менен бирге жоктон бар кылып жараткан бир гана Аллах. Эч бир жандуу өзүнүн сулуулугун өзү пландап жарата албайт. Бир адамдын жүзүндөгү сулуулукту же бир жандык ээ болгон сүйкүмдүүлүктү белгилүү бир өмүр менен жараткан жана ажалы жеткенде баарын жок кыла турган Аллах. Бүт сулуулуктар бир гана Аллахтын өкүмүндө, башкаруусунда. Мына ушул себептен улам момун көргөн бүт сулуулуктарды, адамдарды, жаныбарларды, табиятты аларды Аллах жаратканын билүү менен сүйөт. Ошондуктан чыныгы сүйүүсү бүт бул сулуулуктарды ага берген жана бүт нерсенин ээси болгон Аллахка арналат.

Пайгамбар Мырзабыз да момундарга бири-бирине болгон сүйүүлөрүнүн Аллах ыраазчылыгы үчүн болушу зарыл экенин эскерткен:

Аз. Эбу Зерр (радыйаллаху анх) баяндайт: «Расулуллах (алейхиссалату весселам) буйурду: «Амалдардын эң пазилеттүүсү – Аллах үчүн сүйүү, Аллах үчүн жаман көрүү.» [10]

«Ыйман жакындыктарынын эң бекеми – Аллах үчүн достук, Аллах үчүн душмандык, Аллах үчүн сүйүү, Аллах үчүн жек көрүү.» [11]

Аллахка шерик кошкон бирөө болсо бир адамдын сулуулугун мактаганда, бул сулуулук ал адамга тиешелүү деп ойлойт. Бул бир сүрөт көргөзмөсүн кыдырып жүргөн жана жагып калган бир сүрөттүн сулуулугун ал сүрөткө тиешелүү деп ойлоо менен ал сүрөттү мактаган адамдын абалына окшойт. Чынында болсо сүрөт эмес, сүрөтчү макталышы зарыл. Ошондуктан, бир адам көңүлүнө жаккан бир

сулуулукка жолукканда, жагымдуу бир үн укканда, бир тамактан ырахат алганда, ылдам бул сулуулуктарды жараткан Раббибизди ойлонушу зарыл; сүйүүсүн, ыраазычылыгын жана шүгүрүн Ага багытташы керек. Аллахка шерик кошпостон ыйман келтиргендер ээ болгон бүт нерсе үчүн Аллахка карыздар экенин билишкендиктен, Аллахка абдан күчтүү сүйүү менен жакындык сезишет.

Аллах Куранда Аз. Ибрахимдин мушрик коомуна мындайча кайрылганын билдирет:

**(Ибрахим) Айтты: «Силер дүйнө жашоосунда өз ара бири-бириңерди сүйүү үчүн, Аллахтан башка путтарды (кудай кылып) кармадыңар. Кийин кыямат күнү болсо бири-бириңе каапыр (каршы) болуп, наалат айтасыңар. Силердин жайыңар тозок жана силерге эч бир жардамчы болбойт.» (Анкебут Сүрөсү, 25)**

Аятта билдирилгендей, Аллахка орток кошкондордун дүйнө жашоосундагы бири-бирине болгон жакындыгы акыретте чоң бир жек көрүүгө айланат. Буга алардын Аллахты унутуу менен бири-бирин жашоолорунун эң чоң максаты кылып алышы себеп. Буга жооп катары Аллах мындай адамдардын ширк ичиндеги сүйүү жана жакындыктарын акыретте түбөлүк улана турган бир кек жана жек көрүүгө айлантып койот.

Куранда дүйнө жашоосуна тиешелүү алдамчы кооздуктарды же адамдардын сүйүүсүнө жетүүнү Аллахтын ыраазычылыгынан өйдө койгон адамдарга мындайча эскертүү берилет:

**Айт: «Эгер силердин атаңар, бала-чакаңар, ага-иниңер, жуп-жубайыңар, тууган-уругуңар, тапкан мал-дүйнөңөр, жүрүшпөй калышынан корккон сооданар жана өзүңөргө жаккан үй-жайыңар силерге Аллахтан, Анын Пайгамбарынан жана Аллахтын жолунда жихаддан (аракет кылуудан) сүйүктүүрөөк болсо, анда Аллахтын буйругу келгенге чейин күтө тургула. Аллах бузуку коомду туура жолго баштабайт. (Тообо Сүрөсү, 24)**

Ыйман келтиргендер дүйнө жашоосунун бардык мындай кооздуктарынын Аллахка тиешелүү экенин билишет жана буларды Аллахтын көрүнүштөрү катары гана сүйүшөт. Мисалы, момундарда Аллах жакшы көргөн сонун ахлак көрүнгөндүктөн, эң көп сүйүү, жакындык жана достук сезимин момундарга карата туйушат. Бул сүйүү уруу, раса сыяктуу жакындыктарга же кандайдыр бир пайдага таянбайт. Акчанын, кызмат ордунун, маданияттын же материалдык баалуулуктардын эч кандай мааниси жок. Аллах момундар арасындагы мындай сүйүүнү Куранда мындайча билдирет:

**Ал эми аларды (алардын көчүп келишин) утурлап, короо-жайлары менен ыймандарын(ын жылуулугун) даярдап койгон (мединалык) момундар аларга хижрат кылып келгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо себептүү жүрөктөрүндө көрө албастык сезимин туйбайт. Өздөрүндө жетишпестик болуп турса да, аларды өздөрүнөн жогору коюшат. Ким напсинин сугалактыгынан сактана алса, дал ошолор гана жеңишке (бейишке) жетет. (Хашр Сүрөсү, 9)**

Аятта билдирилгендей, момундар ыйман келтирген бүт адамдарды өз бир тууганындай көрүшөт. Башка бир момунга жакшылык, бейпилдик тартуулоо үчүн эч кандай кыйынчылыктан тартынбайт.

Момундардын мындай сүйүү түшүнүгүнө бир гана ыймандын жана Куран ахлагынын жашалышы менен жетүүгө болот.

Пайгамбар Мырзабыз сүйүүнүн маанисин жана чыныгы сүйүүнү жашаган момундардын бийиктигин бир хадисинде мындайча билдирген:

Аз. Өмер (радыйаллаху анх) баяндайт: «Расулуллах (алейхиссалату весселам) буйурду: «Аллахтын кулдарынын арасында бир топ бар, алар пайгамбар да эмес, шейит да эмес. Бирок кыямат күнү Аллах алдындагы даражаларынын бийиктиги себебинен пайгамбарлар да, шейиттер да аларга суктанышат. «Ал жердегилер сурашты: «Эй, Аллахтын Элчиси! Алар ким, бизге кабар бер!» «Алар араларында кан (биологиялык) туугандыгы же бири-бирине белек кылган мал-мүлк болбогонуна карабастан, Аллах атына бири-бирин сүйгөндөр. Аллахка ант ичем, алардын жүздөрү сөзсүз нур. Алар бир нур үстүндө. Адамдар коркуп жатканда, алар коркушпайт. Адамдар кайгырып жатканда, алар кайгырышпайт. [12]

Сүйүү сыяктуу чоң бир нематты момундарга тартуулаган болсо Раббибиз Аллах. Аллах Аз. Яхьяга Өз Кабатынан бир сүйүү сезимталдыгы бергенин мындайча билдирүүдө:

**(Ал төрөлүп, чоңойгондон кийин ага айттык:) «Эй Яхья, Китепти бекем карма.» Биз ага өкүм шариятты наристелигинде берген элек. Жана Биз ага Өзүбүздөн сүйүү сезимталдыгы (мээримдүүлүк), таза-пакизалык (да тартууладык). Ал – абдан такыбаа эле. (Марийам Сүрөсү, 12-13)**

Башка бир аятта болсо Аллах ыйман келтирип, салих амал кылгандарга Өз Кабатынан бир сүйүү тартуулаарын кабар берген:

**Албетте, ыйман келтирип, салих амал кылгандар үчүн Рахман сүйүүнү жаратат. (Марийам Сүрөсү, 96)**

Бул жерде абдан маанилүү бир нерсеге да токтолуу керек. Аллахтын ыраазычылыгы үчүн сүйгөн бир адам эң сонун ахлактуу, Аллахка эң жакын, эң такыбаа адамды бүт баарынан көбүрөөк сүйөт. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз (сав) – бүт момундар үчүн эң сүйүктүү, эң жакын дос.

## Чыныгы сүйүү Куран ахлагы менен бирге жашалат

Аллахка чын көңүлдөн байланган жана Аллахты абдан сүйгөн бир адам Ал жараткан бүт кооздуктарга карата жүрөгүндө бир сүйүү сезет; бир гүл, көпөлөк, чымчык, мышык же сонун бир табият көрүнүшү бул адамдын ичинде чоң бир толкундануу ойготот. Ошол сыяктуу сонун адеп-ахлактуу, сулуу бир адам да жүрөктө чыныгы суктанууну пайда кылат. Себеби адам көргөн бүт бул нерселер Аллахтын көрүнүштөрү. Аллахка болгон күчтүү сүйүү Анын чексиз сулуулугу, чеберчилиги, акылы жана күч-кудурети көрүнгөн бүт нерсеге карата рухунда табигый бир сүйүү жана махабат пайда кылат. Ушул себептен Аллахка чын көңүлдөн байланган адамдар гана чыныгы сүйүүнү жашай алышат.

Куран ахлагы болсо чыныгы сүйүүнүн негизин пайда кылат. Бир адамды ахлагы менен, адамкерчилиги менен жана ээ болгон бүт өзгөчөлүктөрү менен терең сүйүү ал адамдын Куранга баш ийиши менен гана мүмкүн болот. Себеби Куранга баш ийген бир адам Аллах жакшы көргөн ахлакты жашоо менен көптөгөн сүйүлө турган сонун өзгөчөлүктөргө ээ болот. Аллахтын **«...Раббиндин назарында сооп-сыйлык жаатынан да, акыбет-натыйжа жаатынан да түбөлүк-түгөнгүс жакшы амалдар пайдалуураак.»** (Мариям Сүрөсү, 76) өкүмүн билүү менен бардык мындай сонун ахлак өзгөчөлүктөрүндө өмүр бойу сабырдуу жана чечкиндүү болот; бекемдик, туруктуулук, урматтоо, сүйүү, жөнөкөйлүк, башкаларды өйдө койуу, чынчылдык, түшүнүктүүлүк, кечиримдүүлүк, мээрим, жумшак пейилдүүлүк, эр жүрөктүк, чечкиндүүлүк сыяктуу өзгөчөлүктөр Аллах коркуусу жана Куран ахлагынын жашалышы менен гана туруктуу болот. Мындай туруктуулук момундун сүйүүдө да өмүр бойу сабырдуу жана бекем болушуна шарт түзөт. Сүйүүнүн негизи ыйман, Аллах коркуусу жана Куран ахлагына таянгандыктан жана Аллах ыраазычылыгы үчүн сүйгөндүктөн момундун сүйүүсү абдан күчтүү жана терең. Ыйман келтиргендер менен жашаган достуктун акыретте түбөлүккө уланаарын билиши сүйүүнү күчтүү жана туруктуу кылган себептердин бири.

Куранга баш ийген бир адам көрсөткөн мындай жогорку ахлак аны Аллах Кабатында да момундарга да абдан баалуу бир адам абалына алып келет. Куранга баш ийген, такыба бир момун бүт баарынан мурда Аллахтын сүйүүсүнө жана ыраазычылыгына жетүүнү үмүт кылат. Аллах Өзү сүйгөн кулун момундарга да сүйдүрөт, ага Өз Кабатынан бир нур, сулуулук берет жана адамдардын жүрөгүнүн жылышына себеп боло турган өзгөчөлүктөр тартуулайт.

## Куран ахлагын жашабаган адамдардын туура эмес сүйүү түшүнүгү

Куран ахлагынан алыс жашаган адамдар башка көптөгөн нерселерде болгон сыяктуу сүйүү жөнүндө да туура эмес түшүнүккө ээ. Бул адамдар канчалык өз араларында урмат жана сүйүү бар деп ойлошсо да, булар көбүнчө туура эмес негизге таянат.

Төмөндө Куран ахлагын жашабаган адамдардын кээ бирлеринин сүйүүлөрү таянган баалуулуктар каралат.

### Аял менен эркек арасындагы ширкке таянган сүйүү

Ширкке таянган сүйүү өрнөктөрү аял менен эркек арасындагы мамилелерде көп байкалат. Кээ бир адамдар Аллахка карата болушу керек болгон сүйүү жана байланууну эч нерсеге күчү жетпеген алсыз жандыктарга багытташат. Кээде бир адамды жашоолорунун негизги максатына айлантышат, дайыма бүт жерде анын атын эскеришет, аны улуулашат жана анын сүйүүсүнө жетүүгө аракет кылышат. Эрте менен тургандан баштап күн бойу тынымсыз ал адамды ойлонушат. Же ал адамды ойлоп, таң атканча уктабай чыгат. Аллахтын ыраазычылыгына жетүүнүн ордуна, бир гана ал адамды ыраазы кылууну максаттайт, ал тургай кээде ал адамды ыраазы кылуу үчүн Аллахтын ыраазычылыгына туура келбеген иштерге барат. Ал үчүн ар кандай нерсеге даяр болот, бирок Аллахтын ыраазычылыгына жетүү үчүн эчтеке жасабайт. Мындай адамдар дээрлик бири-бирин «кудай» кылып алышат. Мунун бир

мисалы, сүйүү жөнүндөгү кээ бир ыр саптарында, чыгармаларда же романтикалык сөздөр айтылганда, «сыйынуу» этиши абдан көп колдонулууда. Мына ушундай сүйүү түшүнүгүнүн негизи Аллахка шерик кошууга (ширкке) таянат. Аллах бир аятында жахилия (караңгы) ишенимине ээ адамдар жашаган мындай ширк сүйүүсүнө көңүл бурулуп, Аллахка карата туйулган чыныгы сүйүүнүн мындан алда канча жогорку күчкө ээ экени жана абдан күчтүү бир жакындыкка алып келээри билдирилген:

**... Аллахты, ата-бабаңарды эстегендей, ал тургай андан да күчтүүрөөк эстегиле... (Бакара Сүрөсү, 200)**

Аллах сүйүүсү бардык сүйүүлөрдүн үстүндө. Аллах сүйүүсүнүн ордуна тандалган, жүрөктөн Аллах сүйүүсүн чыгарып анын ордуна койулган бир сүйүү адамдын Аллахка ширк кошушуна себеп болот жана бул болсо адамды тозокко түртүшү мүмкүн. Бирок адамдардын кээ бирлери мындай коркунучту байкашпайт да.

Бир адамдын башка адамдарды сүйүшү, аларга жакын болушу, үй-бүлөсүн, жакындарын сүйүү менен коргошу албетте сонун бир ахлак. Мурда да айтылгандай, сүйүүнү сезе алуу, сүйүү жана жакындыкты жашай алуу Аллах адамдарга берген абдан сонун бир немат. Бирок бул сүйүү Аллахтын ыраазычылыгы үчүн болгондо гана адамга бул дүйнөдө да акыретте да бакыт алып келет. Аллахтан өйдө койулган сүйүүлөр адамга дүйнөдө да, акыретте да кыйноо жана азап алып келет. Аллах дүйнөдө бири-бирин ширк кошкон адамдардын акыретте тозок азабынан кутулуу үчүн бири-бирин садака чапкысы келээрин мындайча билдирет:

**Алар бири-бирине көрсөтүлөт. Күнөөкөр адам ошол күндүн азабына(н кутулуш үчүн) перзенттерин, аялын жана ага-инилерин, өзүнө арка-жөлөк болгон тууган-уруктарын, жана деги эле жер бетиндегилердин баарын садага чаап, өзүн (тозоктон) куткарып кетүүнү каалайт. (Маариж Сүрөсү, 11-14)**

**Ал күнү киши өзүнүн бир тууганынан качып калат. Апасы менен атасынан дагы, түгөйү (аялы-күйөөсү) жана балдарынан дагы. Ал күнү ар бир адамдын өзүнө жете турган иши бар. (Абаса Сүрөсү, 34-37)**

## Кызыкчылыкка (пайдага) таянган достуктар

Көп адамдар кабыл алгысы келбесе да, кээ бир мамилелерде адамдардын көңүлдөрүнүн түпкүрүндө бир кызыкчылык болот. Кээ бир адамдар аларга кандайдыр бир пайда алып келет деп үмүттөнгөн бир адамды көргөндө, сезген толкундануусун «сүйүү» катары кабылдашат. Чынында болсо алар сезген толкундануу бул адамдын өзүнө эмес, ал ээ болгон нерселерге карата болгон «күчтүү каалоо». Көп адамдардын башкага болгон сүйүүсү бул адам ээ болгон мал-мүлк жана байлыгына жараша өзгөрөт. Байлык адамдын напсисинде толкундануу алып келгендиктен эң көп толкундануу эң бай адамга карата болот. Бирок жогоруда да айтылгандай, бул сезим сүйүү эмес, дүйнө байлыгына карата болгон каалоо. Бай кишинин ахлагы мындай көз-карашка ээ адамдар үчүн маанисиз. Ошондуктан, ачуулуу, орой, өзүмчүл, акылсыз, таш боор, өз кызыкчылыгын ойлогон, жасалма,

ойлонбогон (акмак) адам болсо да бай же атактуу болушу гана бул адамга көп маани берилип, сыйланышы үчүн жетиштүү болот.

Кээ бирөөлөр болсо аларды күлдүргөн адамдар менен бирге болгусу келет жана «мени менен дос боло турган адам мени күлдүрө алышы керек» деген сыяктуу сөздөрдү айтып, муну мойнуна алышат. Ошондуктан, мындай жакындык да сүйүүгө таянбайт, кызыкчылыкка таянат. Адамдын напсиси күлгүсү келгенден улам аны күлдүрө турган бири менен болуудан ырахат алышы аны сүйөт деген мааниге келбейт. Бирок көп адам пайда алуудан сезген сезимди сүйүү менен адаштырат жана бул адамды абдан сүйөм деп айтат.

Кээ бирлери болсо «сулуу адамдар менен бирге болуу мага аброй алып келет» деп ойлойт. Ушул себептен достук үчүн сулуу адамдарды тандашат; дос тандоодо адамдын бойу, көзүнүн же чачынын өңү, мурду сыяктуу сырткы көрүнүштөрүн карайт. Сулуулук болгондон кийин ал адам үчүн бул кишинин акылы, абийири же адамдык өзгөчөлүктөрүнүн эч кандай мааниси жок. Бирок «ал адамга болгон сүйүүдөн улам мындай сапаттарга маани бербейм» деп айтат. Чынында болсо мындай сүйүү бул адамдар үчүн «бул адамдын сулуулугу мага топтогон абройду сүйөм» маанисин берет. Сулуулук кеткенде, артта калган рух болсо бул адам үчүн эч кандай мааниге ээ болбойт. Алдындагы адам сулуу болгону үчүн анын таш боордугун, орой же бой көтөрүп, адамдарды шылдыңдаган кыялын байкамаксан болот.

Кээ бир адамдардын күткөн кызыкчылыгынын бири болсо өздөрү айткандай «жашоо гарантиясына» жетүү болуп саналат. Көп адамдардын келечегин гарантияга ала албоо, жалгыз жашоого мажбур болуу, экономикалык жактан муктаж абалга келүү, ооруп калганда аны карай турган бирөөнү таба албоо сыяктуу коркуулары бар. Кээ бирлери мындай коркууну жеңүүнүн эң билинген жана эң бекем жолу деп үй-бүлө курууну ойлошот. Ушул себептен, мындай өзгөчөлүктөргө ээ деп ойлогон адамга байланат жана аны эч жоготууну каалабайт. Мындай «келечек коркуусуна» таянган бирге болууну болсо көбүнчө чыныгы сүйүү деп ойлошот.

Жашоолору боюнча бул адамдын жакпаган көптөгөн тараптарына ушул коркуулары себебинен гана чыдоого мажбур болот. Коңшулары же досторуна арызын айтат, жашоосу жөнүндө арызданат, бирок суралганда, кызыкчылык үчүн гана бирге жашаган түгөйлөрүн «абдан сүйөм» деп айтат. Ал эми, Куран ахлагына ылайык жашалган чыныгы сүйүүдө эч кандай кызыкчылык же пайда максат кылынбайт. Адам маңдайындагы адамды эч кандай кызыкчылык күтпөстөн, ал адамда Аллахтын көрүнүштөрүн көрүү менен, аны абдан толкунданып сүйөт. Ал жокто эч качан аны жамандабайт. Чын жүрөктөн сүйгөндүктөн, аны мактаган, коргогон сөздөрдү гана сүйлөйт. Эч качан андан тажабайт, анын алсыздыктарын же кемчиликтерин көрсө да, ага мээрим, боорукердик сезет; кемчиликтерин ага сездирбестен жаап, жашырууга аракет кылат; дайыма ага бейпилдик болушун каалайт, ар бир каалоосун кубаныч менен орундатат. Чыныгы сүйүүсүн, достугун жана жакындыгын эң сонун жол менен билдирет.

## Кыска мөөнөттүү, убактылуу сүйүүлөр

Куранга таянбаган сүйүүлөр кыска мөөнөттө өтүп кетет. Тараптардын бири ал адамдан күткөн пайдасын ала албашын көргөндө, мурда ага карата сезген толкундануусу ошол замат тажоого айланат. Ошол сыяктуу анын

бир кемчилигин же оорусун көргөндө, андан сууп баштайт. Өзгөчө ал адамдын кебетесинде бир бузулуу болсо; мисалы, бир кырсык натыйжасында жүзүндө тыртыктар калса, бул сүйүү бүттү дегенди түшүндүрөт. Көп адамдар чөйрөсүндөгү адамдарда же гезит, телевизорлордон көрүшөт: абдан жакшыдай көрүнгөн үй-бүлөлөрдүн ажыроо себеби көбүнчө оору, алсыздык же банкрот болуу. Түгөйү абдан сулуу же бай да болсо, анын ооруган учурдагы алсыздыгын көргөндүктөн, араларындагы сүйүүнүн бүткөнүн айткан жана ушул себептен ажырашкан көптөгөн жуптар бар. Ушул сыяктуу, бай жана бардар жашаган кезде абдан сонун түшүнүшүп жашайбыз дегендер мал-мүлкүн жоготкондо, бир заматта аларга көрсөтүлгөн сүйүү жана жакындыктын да жоголгонун көрүшөт.

Чынында болсо чыныгы сүйүү күн өткөн сайын көбөйөт, эч азайбайт. Маңдайындагы адамга анын ахлагы үчүн баа берген бир адам бул ахлактын сонун тараптарын көргөн сайын ага болгон сүйүүсү барган сайын өсөт. Бул адамдын бир кырсык натыйжасында майып болуп калышы, бүт мүлкүнөн айрылышы, денесин жара капташы же ушул сыяктуу бир кыйынчылыкка кабылышы сүйүүгө эч кандай таасир бербейт. Ал тургай мындай кыйынчылыктар ал адамдын жөнөкөйлүгүн жана сабырдуулугун жогорулатып, аны мурдакыдан да сонун ахлактуу кылгандыктан, сүйүүсү дагы күчөшү мүмкүн. Мындай окуялардын сүйүүгө таасир этпешинин себеби – чыныгы сүйүүнүн адам жашаган Куран ахлагына таянгандыгында. Бир адамдын Аллахтан ичи титиреп коркушу, дайыма Анын ыраазычылыгын издеши жана Куран ахлагын эң сонун абалда жашашы сүйүүнү калыптандырган негизги себептер. Ушул себептен Куран ахлагын жашаган адамдар арасындагы сүйүү мындай окуялардан эч качан тескери таасирленбейт, тескерисинче мындай окуялар сүйүүнү күчөтөт.

# КУРАН АХЛАГЫНДА СҮЙҮҮ

Дин ахлагын жашабаган адамдардын чындап сүйүшү жана сүйүлүшү эч мүмкүн эмес. Чыныгы сүйүүнүн эки тараптуу жашалышы үчүн ал адамдын бүт нерседен мурун Аллахты терең бир сүйүү менен сүйүшү жана Аллах сүйүүсүнө татыктуу бир ахлак көрсөтүшү керек. Аллах сүйгөн кулдарынын жүрөгүнө бир сүйүү берет жана башка адамдардын жүрөгүндө да ага карата бир сүйүү пайда кылат. Сүйүүнүн чыныгы булагынын жана ээсинин Аллах экенин унутпоо зарыл. «Сүйүү» деген абдан баалуу жана чоң нематты жашай алуу үчүн эң алгач адамдын жакшы ахлагы менен мындай нематка ылайык болушу жана Аллахтан бул нематты сурашы зарыл. Жаман ахлактуу же дин ахлагын жашабастан, жахилия жашоосун каалаган бир адам дүйнөдө да, акыретте да ушул себептен бактысыз болуп калышы, жалгыз жана доссуз калышы мүмкүн.

Сүйүүнүн Аллах Кабатынан берилген бир немат экенин Аллах Курандын бир канча аятында билдирген:

**Жана Биз ага (Аз. Яхьяга) Кабатыбыздан сүйүү сезимталдыгы (мээримдүүлүк) жана таза-пакизалык (да тартууладык). Ал – абдан такыбаа эле. (Мариям Сүрөсү, 13)**

**Албетте, ыйман келтирип, салих амал кылгандар үчүн Рахман сүйүүнү жаратат. (Мариям Сүрөсү, 96)**

**Жана Анын белгилеринен – алар менен тынчтанууңар үчүн силерге өзүңөрдөн болгон жубайларды жаратып бергени жана араңарга сүйүү, ырайым салып койгону. Чынында бул нерселерде ой жүгүрткөн адамдар үчүн аят-белгилер бар. (Рум Сүрөсү, 21)**

Аллах чыныгы сүйүүнү ылайык көргөн адамдардын кээ бир өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

## Жоомарт (Федакар) болуу

Аллахка жана акыретке ишенбеген кээ бир адамдар дүйнө жашоосун бир «күрөш мекени» деп түшүнүшөт. Бул адамдардын көз-карашы боюнча, ар бир адам жашоосун уланта алуу үчүн күрөшүшү зарыл жана бул күрөштө күчтүүлөр алсыздарды эзүү менен жашоосун улантышы керек. Толугу менен бузуку бир ишенимдин натыйжасы болгон мындай көз-караш адамдардын сонун ахлактан толугу менен алысташына жана бир гана өз пайдаларын коргоону көздөгөн бир ахлак түшүнүгүн өнүктүрүшүнө себеп болот. Мындай көз-караш өкүмчүлүк кылган бир коомдо кыйын абалга кабылууга да макул болуу менен алсызга жардам берүү, башка бирөө үчүн өз жанын аябоо же башка бирөөнүн ден-соолугун, бактысын, бейпилдигин өзүнүкүнөн өйдө тутуу сыяктуу сонун ахлак өзгөчөлүктөрү керексиз нерселер катары кабыл алынат. Ошондуктан, кандайдыр бир пайда алмайынча, эч ким башка бирөө үчүн өз мал-жанын жумшабайт.

Дин ахлагы жашалбаган коомдордо адамдар арасында мындай көз-караштı көп жолуктурууга болот. Мындай түшүнүккө ээ адамдардын бири-бирин чындап сүйүшү көбүнчө эч мүмкүн эмес. Себеби адам өз ырахатын бүт баарынан өйдө койгон, өзүмчүл бир адамды чын жүрөктөн сүйө албайт. Маңдайындагы адамдын бир нерседе эле өзүмчүл мамиле жасаганын көрүшү рухунда ал адамга карата болгон сүйүүсүнө тескери таасир берет. Мисалы, бир адамдын жалаң гана өз ырахатын ойлошу, сонун бир тамакты, сонун керебетти өзү үчүн сактап, чөйрөсүндөгү адамдарды ойлонбошу да ал адамга болгон сүйүүгө тескери таасир берет. Жахилия коомунда адамдар бири-биринин ушул сыяктуу жаман кыялдарына көп жолу күбө болушат жана бул нерсе адамдардын жүрөгүндө ал адамга карата тескери көз-караш пайда кылат.

Жахилия ахлагын жашаган кээ бир адамдар эң жакын досторуна да жоомарттык (федакарлык) кылыш керек болгон кандайдыр бир иш сунуштай алышпайт. Мисалы, баласы ооруп калган бирөө жумуштагы досторунан анын ордуна ишин кылып туруусун сурана албайт. Апа жана атага жардам берүү да кээде балдарга оор болушу мүмкүн; ал тургай ушул себептен жүрөктөрдө таарынычтар пайда болот. Сураганда болсо, бүт баары «апа, атамды абдан сүйөм» деп айтат. Бирок, жоомарттык (федакарлык) керек болгондо болсо, эгер бир пайда жок болгон болсо, кээ бир адамдар мындан да качышат. Чынында болсо чындап сүйгөн адам сүйгөнү үчүн эчтекесин аябайт жана ага жардам берүүдөн эч качан тажабайт жана арызданбайт.

Момундардын бири-бирине болгон сүйүүсү жана боорукердининин эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул алардын бир-бири үчүн чын жүрөктөн жоомарттык (федакарлык) кылышы, бири-биринин муктаждыктарын өздөрүнүкүнөн өйдө тутушу. Аллах Куранда бул жөнүндө берген мисалдардын бири Меккеден Мединага хижрат кылган (көчкөн) момундарды тосуп алган Мадиналык момундар.

Куранда момундардын мындай сонун ахлагы мындайча билдирилген:

**Ал эми аларды (алардын көчүп келишин) утурлап, короо-жайлары менен ыймандарын(ын жылуулугун) даярдап койгон (мединалык) момундар аларга хижрат кылып келгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо себептүү жүрөктөрүндө көрө албастык сезимин туйбайт. Өздөрүндө жетишпестик болуп турса да, аларды өздөрүнөн жогору коюшат. Ким напсинин сугалактыгынан сактана алса, дал ошолор гана жеңишке (бейишке) жетет. (Хашр Сүрөсү, 9)**

Аятта Меккелик да, Мединалык да момундардын сонун ахлагы жөнүндө сөз кылынууда. Меккелик момундар малдарын, туугандарын, буюмдарын, үйлөрүн, бак-чарбаларын, иштерин артка таштап, Аллахтын динин жашоо үчүн мекендерин калтырып, Мединага көчүшкөн. Аллахтын ыраазычылыгына жете алуу үчүн ээ болгон бүт нерсесин артка таштоого ыраазы болушкан. Бул абдан жогорку бир ахлак көрсөткүчү жана алардын өздөрүнө Аллахты векил туткан ишенимдүү адамдар экендигининин бир көрсөткүчү. Мындай сонун ахлагы башка момундардын аларды терең сүйүп, урматташына жана боорукердик сезишине себеп болгон.

Натыйжада Мединалык момундар бул ишенимдүү жана бекем момун бир туугандарын эң сонун тосуп алышкан жана эң сонун коноктошкон. Өздөрүнүн кызыкчылыктарын эч ойлобостон, момун бир туугандарына даам таттырышкан, эң сонун тамактарын жана кийимдерин аларга беришкен жана аларга эң бейпил боло турган үй-орундарын беришкен. Мындай жоомарттыктары Аллахка жана момундарга

болгон күчтүү жана чыныгы сүйүүлөрүнүн бир натыйжасы. Мындай сонун ахлагы аларга карата да сүйүү сезимин жаратат. Аллах аларды Куранда сүйүү жана мактоо менен эскерип, 1400 жылдан бери Куранды окуган ар бир Мусулмандын жүрөгүндө алар үчүн бир сүйүү жана урмат пайда кылууда.

Момундардын жоомарттыгынын дагы бир өрнөгүн Аллах Куранда төмөнкү аяттары менен билдирет:

**Бей-бечараларга, жетимдер менен туткундагыларга өздөрү сүйүп (жегиси келип) турган тамактан жедирип (мындай дешкен): «Биз силерди Аллахтын ыраазычылыгы үчүн тамактандыруудабыз. Биз силерден (эч кандай) акы жана алкыш сурабайбыз. Биз Раббибизден (жана жүрөктү) сыга турган оор күндөн (кыяматтан) коркобуз.» (Инсан Сүрөсү, 8-10)**

Өзү муктаж болуп турганына карабастан, кедейге тамагын берген бир адамга карата адамдардын жүрөгүндө бир сүйүү жана урматтоо сезими пайда болоору талашсыз. Бул абалды мындай бир мисал менен түшүндүрөлү: абдан чарчап жана ачка болгонуңузду жана жаныңызда сиздей абалда дагы эки адам болгонун элестетиңиз. Алдыңызда бир адамга гана жете турган тамак жана бир адамга ылайык төшөк болсун. Жаныңыздагы адамдардын бири сизден «ачсыңбы?» деп сурап да койбостон, тамакты өзү жеп баштасын жана төшөккө да өзү жатууга аракет кылсын. Экинчиси болсо ач болгонуна карабастан, тамакты сизге сунсун жана төшөктө сиздин жатып эс алууңузду кааласын. Мындай абалда өзүмчүл мамиле кылган адамга карата ичиңизде бир суук тук, ал эми жоомарт адамга карата болсо сүйүү пайда болгонун сезесиз. Аллах адамдын рухун сонун ахлакты жактыра турган, мындай адамдарга карата сүйүү жана махабат сезе турган кылып жараткан.

## Кечиримдүү болуу

Жахилия (караңгылык) ахлагын жашаган кээ бир адамдар бири-бирине оңой эле ачууланышат, ылдам ичтеринде кек пайда болот. Аларга кичинекей бир зыян берген бирөөнү да ошол замат жаман көрүп калышы мүмкүн. Болбогон майда нерселерден улам достугун үзгөн, «эң жакыным» деген досуна бир заматта душман болуп калган адамдар бар. Мунун себеби Куран ахлагы жашалбаганда, адамдардын кечиримдүүлүк сыяктуу, сабыр, сүйүү жана жогорку ахлак талап кылган өзгөчөлүктөрдөн алыс калышында.

Ал эми момундар болсо абдан сабырдуу жана кечиримдүү болушат. Кичинекей каталардан же адамдык кемчиликтерден улам маңдайындагы адамга ачууланып, бир заматта алар менен мамилелерин үзүшпөйт. Дайым ага дагы бир мүмкүнчүлүк берет, туура жолду эсине салат жана иш-аракеттерин оңдошу үчүн жардамчы болушат. Сүйгөн досторунун кемчиликтерин таап чыгарып, аларга ачууланып, кекенүүнүн ордуна, алардын каталарын, кемчиликтерин жоюуга аракет кылышат жана Куран менен кеңеш берип аларга жардамчы болушат. Чыныгы сүйүүдө достор арасында чоң бир түшүнүктүүлүк жана сабырдуулук орун алат. Ар кандай маселе сүйүү жана түшүнүктүүлүк менен тынч гана чечилет.

Аллах Куранда адамдарга кечиримдүү болушу зарылдыгы жөнүндө мындайча кеңеш берет:

**Силердин араңардагы пазилет (илим) ээлери жана бай-бардар жашагандар туугандарына, мискиндерге (жакырларга) жана Аллах жолунда хижрат кылган (көчкөн) кишилерге (садака) бербейм деп ант ичпесин. Тескерисинче, (аларды) кечирсин жана айыбынан өтсүн. Аллах силерди кечиришин каалабайсыңарбы? Аллах кечиримдүү, ырайымдуу. (Нур Сүрөсү, 22)**

**... Араларында бир азынан башка, алардан тынымсыз кыянаттык көрөсүң. Сен аларды кечирип кой, ачууга алдырба. Аллах жакшылык кылуучуларды сүйөт. (Маида Сүрөсү, 13)**

Аллах момундарды милдеттүү кылган Куран ахлагында кечиримдүүлүктүн чеги жок. Жогорудагы аятта да момундарга тынымсыз кыянат көргөн адамдарды да кечириши буйрук кылынууда. Мындай ишенимдеги адам бир адамдын катасы себебинен чоң зыянга учураса да, ал адамды оңой гана кечире алат. Аркасынан аны жамандаган, ага жамандык кылууга аракет кылган же материалдык зыянга учурашына себеп болгон бир адамды кечирүү менен, мындай ахлагы аркылуу ал адам үчүн сонун бир өрнөк боло алат. Натыйжада аны өзүнүн жакын бир досуна айлантышы мүмкүн. Чынында эле чоң бир ката кылгандан кийин кечирилгенин көрүү момундун рухунда аны кечирген адамга карата чоң бир сүйүү жана жакындык пайда кылат. Аллах кечиримдүүлүктүн чыныгы сүйүүнүн пайда болушу үчүн зарыл өзгөчөлүктөрдүн бири экендигин Куранда мындайча билдирет:

**Жакшылык менен жамандык эч качан тең болбойт. Жамандыкка сылык мамиле менен жооп бер. Ошондо (көрөсүң) сени менен анын арасында душмандык бар киши жакын бир дос(уң) болуп калат. (Фуссилет Сүрөсү, 34)**

## Кичи пейилдүү болуу

Чыныгы сүйүүнүн пайда болушу үчүн эң алгач сүйүүгө тоскоол болгон өзүмчүлдүк, өз кызыкчылыгын ойлоо, жасалмалык сыяктуу сапаттардын жоголушу зарыл. Бой көтөрүү – сүйүүнүн пайда болушуна тоскоолдук кылган эң маанилүү себептердин бири. Жөнөкөйлүк болсо – сүйүүнүн эң маанилүү шарттарынын бири. Себеби кичи пейилдүү болбогон жана өзүн башка адамдардан жогору көргөн бир адамдын жашоодо эң маани берген нерсеси өзүнүн напсиси болот. Башка адамдарды өзүнөн төмөн жана маанисиз көрөт. Эң акылдуу, эң ариеттүү, эң урматтуу адам менмин деп ойлойт жана бир мааниде напсисин «кудайга айланткан» болот. Ошондуктан, мындай көз-карашка ээ болгон бир адамдын өзүнөн төмөн көргөн бир адамга байлануусу, ал үчүн жоомарттык кылышы, анын напсисин өзүнөн өйдө тутушу, башкача айтканда, жүрөгүндө ага карата чыныгы сүйүүнүн пайда болушу көбүнчө эч мүмкүн болбойт. Ушул себептен, сүйүү жана бой көтөрүү бири-бирине толугу менен карама-каршы эки өзгөчөлүк. Бой көтөргөн бир адам башка адамдар тарабынан да сүйүлбөйт жана өзү да башкаларды чындап, терең сүйө албайт.

Бой көтөргөн адамдардын сүйүүсүз өмүр сүрүшүнүн бир канча себеби бар. Бой көтөргөн адамдар напсилериндеги өздөрүн «көтөрүү» каалоолорунан улам көбүнчө башкаларды шылдыңдаган бир кыялга ээ болушат. Чөйрөлөрүндөгү адамдардын кемчиликтерин айтканда, өздөрүнүн артыкчылыктарына

жакшыраак басым жасай алам деп ойлошот. Тынымсыз шылдың кылган жана сөздөрү менен айланасындагы адамдарды басмырлоого аракет кылган бир адамды эч ким чын жүрөктөн сүйө албайт.

Кичи пейилдүү адамдар болсо, бул адамдардын тескерисинче, абдан сүйүлүшөт. Кичи пейилдүү адамдын маңдайындагы адамга маани бергени сезилип турат, ошондуктан мындай ахлак көрсөткөн адамдардын жанында бүт адамдар бейпил болушат. Мындай адам ага берилген кеңештерди чын көңүлдөн угат, эч кайсы темада «муну эң жакшы мен билем» дебейт, бой көтөрбөстөн, эң сонун иш-аракетти ошол замат жасайт. Чындыкка каршы тиренбейт, туура эмес бир нерсеге ачууланбайт. Адамдардын маселелерине көңүл бурат жана бүт нерсени байкап турат. Эч кайсы темада бир жогорулук ойу болбогондуктан, «алгач ал сүйүү көрсөтсүн, алгач ал салам берсин, алгач ал мени менен сүйлөшсүн» деген сыяктуу бой көтөрүүдөн пайда болгон ойлорго кабылбайт. Маңдайындагы адам катуу жана бой көтөргөн болсо да ага кичи пейил мамиле кылат. Бүт адамдардын пикирине маани берет, бүт адамдардын саламына эң сонун жооп берет жана жүрөгү бүт адамдарга карата сүйүү жана урматка толо болот. Кыскача айтканда, Куран ахлагы алып келген кичи пейилдүүлүк абдан ылайыктуу, бүт пикирлерге ачык, эч кайсы темада бой көтөрбөгөн, дайыма маңдайындагы адамдарды көтөрмөлөгөн, аларга мээрим көрсөткөн жана баа берген бир адам моделин жаратат. Ушул себептен кичи пейилдүү адамдар абдан сүйүлгөн адамдар болушат.

Аллах момундардын мындай сонун өзгөчөлүгүн Куранда мындайча билдирет:

**Алар Рахман (болгон Аллах)тын пенделери, жер бетинде кичипейил-салабаттуу жүрүшөт жана наадандар (оройлук менен) сүйлөсө да «Салам» дешет. (Фуркан Сүрөсү, 63)**

Аллах башка бир аятында болсо кичи пейилдүү кулдарын түбөлүк бейиш жашоосу менен сүйүнчүлөйт:

**... Демек, силердин Кудайыңар – бир гана Аллах. Эми Анын Өзүнө гана моюн сунгула. Сен кичи пейилдүүлөргө куш кабар бер. (Хаж Сүрөсү, 34)**

Аллах Ал-и Имран Сүрөсүндө адамдардын кичи пейилдүү жана жумшак кыялдуу болушу себебинен Пайгамбарыбыздын (сав) айланасына топтолгонуна басым жасайт:

**Аллах тарабынан болгон ырайым себептүү сен аларга жумшак мамиле жасадың. Эгер орой, таш боор болсоң, алар сенин айланаңдан тарап кетишмек. Аларды кечир жана алар үчүн (Аллахтан) кечирүүсүн сура. Жана иште(р жөнүндө) алар менен кеңеш. Эгер (бир ишке) киришчү болсоң, Аллахка тобокел кыл. Албетте, Аллах тобокел кылуучуларды сүйөт. (Ал-и Имран Сүрөсү, 159)**

## Чынчылдык

Аллахтан коркуп тартынбаган кээ бир адамдар үчүн жалган айтуу абдан оңой. Бир адамдын жалган айткандыгынын билиниши болсо, эгер ал адам чындап мойнуна алып мамилесин оңдобосо, ага карата сүйүү пайда болушуна тоскоол болот. Себеби жалган сүйлөгөн бир адам, кайсы сөзүнүн чын, кайсы сөзүнүн калп экени билинбегендиктен улам, ишеничсиз болот. Адам ишенбеген бир адамын сүйө албайт.

Момундар болсо чоң зыянга учурай турган же материалдык-руханий зыянга кабыла турган болушса да эч качан жалган айтышпайт. Алар – дайыма, ар кайсы темада чынчыл жана ишенимдүү ахлак көрсөткөн адамдар. Эч качан чындыкты жашырышпайт, өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн чындыкты бурмалабайт, аткара албаган нерсесине убада бербейт. Ошондой эле, Ислам ахлагын жашаган бир адам үчүн жалгандын чоң-кичинеси болбойт. Ушул себептен момундар эч качан бирөөлөргө жагынуу, абройун коргоо, мактануу, материалдык пайда алуу же кандайдыр бир зыян берүү сыяктуу максаттар үчүн да эч качан калп айтууга батынышпайт.

Мындай сонун ахлак өзгөчөлүгү рухту сүйүүгө багыттаган себептердин бири. Себеби адамдын рухунда чынчыл адамдарга карата ылдам бир сүйүү пайда болот. Пайгамбар Мырзабыз маектеринде момундардын бири-бирине болгон сүйүүсүнүн маанисин баса белгилеген жана мындай сүйүүнүн пайда болушу үчүн ишенимдүүлүктүн жайылышын буйурган:

Эбу Хүрейре (радыйаллаху анх) баяндайт: «Расулуллах (алейхиссалату весселам) буйурду: «Напсим кудуретинде болгон Затка ант берем, ыйман келтирмейинче, бейишке кире албайсыңар, бири-бириңерди сүймөйүнчө, ыйман келтирген болбойсуңар! Ушуну кылганда, бири-бириңерди сүйө турган нерсе жөнүндө кабар берейинби? Араңарда саламды жайылткыла!» [13]

## Сабырдуу болуу

Курандын **«... Напсилер (көңүлдөр) кызганычтыкка жана өзүмчүл каалоолорго даяр кылынган...»** (Ниса Сүрөсү, 128) аяты ар бир адамдын напсисинде көптөгөн тескери өзгөчөлүктөр болушу мүмкүн экендигин эскертүүдө. Адам Аллах ал үчүн белгилеген өмүрү ичинде напсисин ээ болгон мындай тескери өзгөчөлүктөрдөн тазалоого жана бейиш ахлагындагы кемчиликсиз ахлакка жетүү үчүн аракет кылууга милдеттүү. Бирок буга карабастан, адам – жашоосунун аягына чейин, ар качан ката кылууга жакын бир жандык.

Чыныгы сүйүү жана достуктун өкүм сүрүшү үчүн адамдар адамдын мындай абалын унутпашы керек. Бир адам сүйгөн адамга карата абдан сабырдуу жана кечиримдүү болушу, досунун кемчиликтерине сабыр жана түшүнүктүүлүк көрсөтүшү жана анын кемчиликтерин жоюуга аракет кылышы зарыл. Себеби, сүйүү жана сүйүлүү сабырдуу болууну талап кылат. Ката кетирилгенде көрсөтүлгөн сабыр адамдар арасында сүйүүнүн өнүгүшүнө шарт түзөт. Момундар бири-бирине ишенгендиктен, Мусулман болгондуктан жана бири-бирине урмат көрсөтүшкөндүктөн улам бири-биринин катасын сабырдуулук жана кечиримдүүлүк менен кабыл алышат. Мусулман бир туугандарынын каталарын жойо алуу, Куран ахлагын эң сонун негизде жашай алуу үчүн көрсөткөн чын

пейилдүү аракети да аларга карата сүйүү сезишине жетиштүү. Ошондуктан, бир туугандарынын туура эмес сөзү же мамилесине жолукса да, ага карата сабыр көрсөтөт, эң сонун мамиле менен жооп кайтарат.

Пайгамбар Мырзабыз да момундарга бир туугандарынын кемчиликтерин жашырууларын, аларга жардамчы болушун буйурган:

Ким бир Мусулмандын айыбын жашырса, Аллах да анын дүйнө жана акыретте айыбын жашырат. Ким бир кыйынчылыкка жолуккан бирөөнүн кыйынчылыгын жойсо, Аллах да кыяматта анын кыйынчылыктарынын бирин жойот. Ким бир тууганынын бир муктаждыгын канааттандырса, Аллах да анын муктаждыгын канааттандырат. [14]

Аллахты сүйгөн жана дайыма Аллахтан ыраазы болгон бир адамдын сабыры жахилия коомдорундагы кээ бир адамдардын сабыр түшүнүгүнөн такыр башкача. Мындай коомдогу адамдар эгер бир адамдан бир пайда үмүт кылып жатышса же элдердин сөзүнөн тартынганда, кээ бир нерселерге «чыдап» коюшат. «Чыдап койгон» адам өзүн сүйлөнүүгө, урушунууга акылуу деп ойлойт. «Ушунчалык кыйынчылыкка чыдап жатам, бул үчүн каалаганымды кылууга акым бар» сыяктуу ойго кабылышат. Мисалы, оорулуу бир досун кароого мажбур болгон бир адам эгер Куран ахлагын жашабай аткан болсо, белгилүү убакыттан кийин бул абалдан сыгылып, ачууланып жана арызданып баштайт. Түнкүсүн уйкусуз калганын, чарчаганын, ишинин оор экенин же эч кимдин мындай ишке чыдабасын айтат. Бул абалдан кыйналганы жана ичинен ачууланып жатканы ачык сезилет. Оорулуу досун карыздар сыяктуу көрсөткөн сөздөрдү айтып, ага карыздар экенин эскертет.

Сабырдуу бир адам болсо сүйгөн адамынын ар кандай каалоосуна, муктаждыгына сүйүнүү менен жооп берет жана ага колунан келишинче жардамчы болот. Кылган иши үчүн ал адамды эч качан милдеттүү кылбайт. Сабыр – Аллах Куранда момундарга кеңеш кылган сонун бир ахлак өзгөчөлүгү:

**Эй ыйман келтиргендер, сабырдуу болгула жана сабырдуулукта жарышкыла, (чек араларда) кезектешкиле. Аллахтан корккула. (Ошондо) кутулаарсыңар (жеңишке жетээрсиңер). (Ал-и Имран Сүрөсү, 200)**

## Бекем, туруктуу болуу

Бир адамга карата сүйүү пайда болушуна себепчи болгон ахлак өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул «туруктуулук». Аллах Куранда момундарды туруктуулугунан улам сыйлаарын билдирет. Ошондуктан, Раббибиз жактырган бул ахлак өзгөчөлүгүн момундар эч шартсыз ишке ашырышат. Момундардын мындай өзгөчөлүгүн Аллах бир аятында мындайча түшүндүрөт:

**Себеби Аллах (сөзүндө турган бекем) чынчыл адамдарды өз чынчылдыктары себептүү сыйлайт, мунафыктарды кааласа азаптайт же тообо (насип кылып тообо)лорун кабыл кылат. Шек жок, Аллах – кечиримдүү, ырайымдуу. (Ахзаб Сүрөсү, 24)**

Момундар эң оор шарттарда да Аллахка жана ыйман келтиргендерге болгон туруктуулугу, бекемдигинен эч кайтышпайт. Аллах Куранда Аз. Мусаны ээрчиген жаштарды өрнөк көрсөтүү менен момундардын мындай өзгөчөлүгүнө көңүл бурган:

**Аягында Мусага өз коомунун бир тайпа жаштарынан башка, Фараон жана анын адамдары аларды балээге кабылтышынан коркуп, ыйман келтирген болгон жок. Анткени, Фараон чынында жер жүзүндө бой көтөргөн бир залим жана чектен чыккандардан эле. Муса айтты: «Эй коомум, эгер силер Аллахка ыйман келтирип, Мусулман болгон болсоңор, эми жалгыз Ага гана тобокел кылгыла.» (Йунус Сүрөсү, 83-84)**

Ыйман келтиргендер жана пайгамбарлар тарых боюнча өлтүрүлүү, байлык жана абройдун тартып алынышы, жалаа жабылуу сыяктуу коркунучтар астында жашашкан. Жашоолору бойу бири-биринен бөлүнбөгөн Мусулмандар Аллахка болгон сүйүүлөрү, коркуулары жана баш ийүүлөрү себебинен бардык мындай коркунучтарга бел байлашкан жана артка кайтышкан эмес. Аллахка болгон мындай шартсыз туруктуулуктары момундардын бири-бирине күчтүү сүйүү сезишине жетиштүү бир себеп. Аллах Куранда момундардын мындай өзгөчөлүгүн мындайча кабар берет:

**Албетте, Аллахка жана Анын Элчисине ыйман келтирип, (ыйманынан) эч кандай шек санабастан, Аллах жолунда малдары, жандары менен жихад (аракет) кылган адамдар гана чынчыл момундар. (Хужурат Сүрөсү, 15)**

## Боорукер болуу

Боорукердик – сүйүүнүн бир бөлүгү. Ошондуктан чыныгы сүйүүнүн жашалышы үчүн боорукердикти да толук түшүнүү зарыл. Пайгамбарыбыздын (сав) боорукердиги бүт Мусулмандар үчүн эң сонун өрнөк болот. Аллах Куранда Аз. Мухаммеддин (сав) мындай жогорку ахлагы жөнүндө мындай сөз кылат:

**Ант болсун, силерге өз араңардан болгон, силердин кайгыңар үчүн кыйналган, силерге абдан боорукер, момундарга ырайымдуу, коргоочу бир элчи келди. (Тообо Сүрөсү, 128)**

Боорукер бир адам чөйрөсүндөгү адамдардын кыйналып жашашын каалабайт; өз жашоосу, ден-соолугу, бейпилдиги канчалык маанилүү болсо чөйрөсүндөгү адамдардыкы да эң аз ошончолук маанилүү жана ал тургай өз жашоосунан да маанилүүрөөк болот. Ушул себептен, чөйрөсүндөгү адамдардын маселелерине карата унчукпай калбоо жана алардын маселелерин чечүү үчүн аракет кылуу – бул боорукер адамдын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири.

Пайгамбар Мырзабыз момундарга бүт адамдарга карата боорукер болушун мындайча буйурган:

«Боорукер болмойунча, ыйман келтирген болбойсуңар.» «Эй, Аллахтын Элчиси, дешти, баарыбыз боорукербиз.» «Жок, деди, мындан максат элиңерге (Мусулмандарга) болгон боорукердигиңер эмес, бүт калкка, баарына болгон боорукердигиңер.» [15]

## Адам чындап сүйгөн адамынын акыретин ойлойт

Адамдын чыныгы жашоосу – бул өлүмү менен бирге башталган акырет жашоосу. Дүйнө ар бир адамдын убактылуу, жана сыналуу үчүн гана жашаган мекени. Бул чындыкты түшүнгөн момундар бири-бирине болгон сүйүүлөрүн эң негизи бири-бирин акыреттеги түбөлүк жашоолоруна даярдоо аркылуу көрсөтүшөт. Өздөрү Аллахтын ыраазычылыгына, рахматына жана бейишине жетүүнү канчалык каалашса, абдан сүйгөн момун бир туугандарынын да ошол нематтарга жана сулуулуктарга жетишин каалайт. Антпесе, адамдын түбөлүк, кайра кутулуу мүмкүнчүлүгү болбостон тозок азабына кабылаарын билиши ыйман келтиргендердин бул багытта абдан каалоо жана чечкиндүүлүк менен аракет кылышына түрткү болот. Бири-биринде көргөн каталуу же кемчиликтүү тараптарды эч убакыт коротпостон жоюуга жана бири-бирин Аллах эң көп ыраазы боло турган ахлакка багыттоого аракет кылат. Бири-бирин дайыма эң жакшы жана сонун жолго чакырып, жамандыктардан тосууга аракет кылышат. Алардын бул багыттагы каалоо жана чечкиндүүлүгү бири-бирине болгон чыныгы сүйүүлөрүнүн эң ачык көрсөткүчтөрүнүн бири. Аллах Куранда ыйман келтиргендердин бири-биринин акыретине багытталган мындай күчтүү сүйүү түшүнүктөрүн мындайча кабар берет:

**Момун эркектер менен момун аялдар бири-биринин досу. Жакшылыктарга буйуруп, жамандыктардан кайтарышат, намазды туптуура кылышат, зекетти беришет жана Аллахка жана Анын Элчисине моюн сунушат. Аллах мына ушуларга ырайымын жаадырат. Шек жок, Аллах күч-кудуреттүү, даанышман, өкүмдар. (Тообо Сүрөсү, 71)**

## Чыныгы сүйүүдө дайыма бирөөнүн напсиси өйдө тутулат

Адамдардын көпчүлүгү үчүн жашоолорунун эң негизги темасы – бул өздөрүнүн ырахаты. Бирок чыныгы сүйүүдө адам өз напсисин унутат жана сүйгөн адамынын напсисин биринчи орунга койот. Анын жыргалчылыгы үчүн колунан келген бүт аракетин жасайт. Дайыма сүйгөн адамынын каалоолорун өзүнүкүнөн мурда койот. Мисалы, бирге жасаган бир иши үчүн өзү макталгандын ордуна сүйгөн адамынын макталышы ал үчүн маанилүүрөөк болот. Өзү туура чыккандан көрө сүйгөн адамынын туура чыгышынан көбүрөөк ырахат алат. Эгер эмгек талап кылган бир жумушту бүтүрүү керек болсо, сүйгөн адамынын чарчашынан көрө өзүнүн чарчашын туура көрөт. Эч качан ал адамды уялта турган, басмырлай турган, көңүлүн оорута турган бир иш-аракет жасабайт. Мунун себеби – бул анын Аллахтын ыраазычылыгына, сүйүүсүнө жана бейишине жетүү каалоосу. Бир адам Аллах ыраазычылыгына жетүү үчүн гана башка адамды мынчалык жоомарттык жана чын пейилден түшүнүктүүлүк менен сүйө алат.

# ЖЫЙЫНТЫК

Сүйүү жөнүндө мындай бир китеп жазуубуздун жана бул темага өзгөчө көңүл буруубуздун эң маанилүү себептеринин бири – бул бейиш ахлагында сүйүүнүн абдан чоң мааниге ээ экендигинде. Акыретте Аллах ыйман келтирген кулдары үчүн даярдаган түбөлүк бейиш мекенине кирүүнү каалаган жана ал жерде пайгамбарлар, салихтер жана чынчылдар менен бирге түбөлүк жашоону каалаган бир адамдын бул дүйнөдө сөзсүз сүйүп үйрөнүшү жана сүйүлө турган өзгөчөлүктөргө ээ болушу зарыл. Себеби, бейиштин эң чоң коозduktarynyn бири – бул бири-бирин абдан сүйгөн, сонун ахлактуу адамдардын түбөлүккө улана турган достугу.

Бейиште түбөлүк сүйүү жана достук ичинде жашай алуунун жолу болсо – бул Аллахты абдан сүйүү жана Аллах абдан сүйгөн бир адам болуу. Аллахтын сүйгөндөрү болсо Куранда билдирилгендей, муттакилер (Аллахтан корккондор) (Тообо Сүрөсү, 4), күнөөлөрдөн тазалангандар (Тообо Сүрөсү, 108), адилеттүү болгондор (Хужурат Сүрөсү, 9), жакшылык кылгандар (Бакара Сүрөсү, 195), тазалангандар (Бакара Сүрөсү, 222), тообо кылгандар (Бакара Сүрөсү, 222), сабыр кылгандар (Ал-и Имран Сүрөсү, 146), күнөөлөрдөн сактангандар (Ал-и Имран Сүрөсү, 76) жана тобокел кылгандар (Ал-и Имран Сүрөсү, 159).

Пайгамбар Мырзабыздын сүйүү үчүн кылган дубасы Аллахка жана момундарга болгон сүйүүнүн маанисин түшүнүшүбүз үчүн бизге сонун бир өрнөк болот:

Расулуллах бир жолу дуба кылып жатып мындай деди: «Я Рабби! Мага Өз сүйүүңдү, сүйгөндөрүңдүн сүйүүсүн жана мени Сенин сүйүүңө жакындаштыра тургандардын сүйүүсүн бер жана Өз сүйүүңдү мага ысыктан, суусуздуктан чаңкагандардын муздак сууга жетүү каалоолорунан сүйүктүү кыл. [16]

## Булактар


1- *Sahih-i Buhari,* s. 53 hadis 15

2- *Kütüb-i Sitte*, 10. cilt, s. 135; Ebû Dâvud, Edeb 122, (5124); Tirmizî, Zühd 54, (2393)

3- Muvatta, Hüsnü'l-Hulk 16, (2, 908)

4- *Kütüb-i Sitte*, cilt 16, s.239

5- *İhya'u Ulum'id-Din Huccetü'l-İslam,* İmam Gazali, cilt. 2, s.365

6- *İhya'u Ulum'id-Din Huccetü'l-İslam*, İmam Gazali, cilt. 2, s.394

7- *Müslim İhya'u Ulum'id-Din Huccetü'l-İslam,* İmam Gazali, cilt. 2, s.407

8- *Tirmizi İhya'u Ulum'id-Din Huccetü'l-İslam,* İmam Gazali, cilt. 4, s.594

9- *İbn Mace İhya'u Ulum'id-Din Huccetü'l-İslam,* İmam Gazali, cilt. 4, s.655

10- *Kütüb-i Sitte,* 10. cilt, s.140; Ebû Dâvud, Sünnet 3, 4599

11- *Kütüb-i Sitte,* 10. cilt, s.141

12- *Kütüb-i Sitte,* 3345

13- Müslim, İmân 93, (54); Ebû Dâvud, Edeb 142, (5193); Tirmizî, İsti'zân 1, (2589)

14- Hz. Müslime İbni Muhalled r.a, *Ramuz El-Ehadis*, s.423.8

15- *Kütüb-i sitte*, cilt 10, s.134

16- İmam Gazali, *Kimya-yı Saadet,* s. 594 ((2) VI/253) ((5) VI/253)

# ЭВОЛЮЦИЯ ТЕОРИЯСЫНЫН ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылыш чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фосилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фосил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** *(Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады.

Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң

гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар

жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн суугa түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми»

жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фосилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фосилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фосилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теорияꙔ туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фосил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фосилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фосили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фосил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фосил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фосил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фосилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш боюнча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фосилдерди биринин артынан бирин

тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фосилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фосил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура

келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фосилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух

сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фосилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз. *(Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28)*

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштьı, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир

философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. *(Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43)*

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула баштады. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

**Сүйүү – бул Аллах адамдарга берген эң чоң немат-жакшылыктардын бири. Аллах адамдын табиятын сүйүүдөн жана сүйүлүүдөн ырахат ала турган, достукту жана боордоштукту жактыра турган абалда жараткан. Момундардын жүрөгүндөгү сүйүүнүн чыныгы булагы болсо – бул алардын Аллахка болгон терең сүйүүлөрү. Момундар Аллахты абдан сүйүшөт жана жашоолору боюнча дайыма Аллахтын сүйүүсүнө жана ыраазычылыгына жетүү үчүн болгон аракети менен аракет кылышат. Аллахты сүйгөн адам Аллах жараткан жандыктарды да сүйөт, аларга боор ооруп, мээримдүүлүк көрсөтөт, аларды коргогусу, аларга жакшылык жана сулуулук тартуулагысы келет.**

**Адамдардын кээ бирлери Куран ахлагын билишпегендиктен, Аллахты зарыл деңгээлде таанып, Анын улуулугун аңдап-түшүнө албагандыктан сүйүүдөн жана достуктан алыста калып, жашоолорун азап ичинде өткөрүшүүдө. Мындай адамдар арасында эң мактанаарлыктай көрүнгөн жашоодо жашагандар да чындыгында чыныгы бакытты жана бейпилдикти таба алышпоодо. Сүйүүсүз жашоону Аллах ыйман келтирбегендерге бул дүйнөдө жана акыретте жакшылыкты сезип шүгүр кылбагандыгы жана ыйман келтирбегендигине бир жооп катары берүүдө. Бул адамдар чыныгы мааниде сүйө алышпайт жана сүйүлүшпөйт. Аллахка шерик кошуу менен жашаган сүйүү болсо чыныгы сүйүү эмес жана аларга дайыма пессимисттик, бактысыздык жана азап алып келет. Бул китептин максаты – ыйман келтиргендерге чексиз мээримдүү Раббибизге, Аллах жараткан жандыктарга жана момундарга болгон сүйүүнүн маанисин эске салуу, Аллахтан баш тартуучуларга тиешелүү өзгөчөлүк болгон сүйүүсүздүктүн бир адам үчүн канчалык чоң балээ жана азап экенин көрсөтүү.**